Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

2010-жыл

2011-жылдын май айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

Төрага: З. Чокоев.
Кеңештин мүчөлөрү: С. Урустемов,
Г. Исакова.

Жооптуу катчы: А. Бердигулова.

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган жана анда тышкы сектордун өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылып, анда төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтар, ошондой эле, төлөм теңдемин түзүү ыкмалары жана маалымат базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

Бул басылмада жеке гарантияланбаган мамлекеттик тышкы карыз, резиденттердин чет өлкөдөгү эсептери, РЭАК боюнча маалыматтар кайрадан каралып, атап айтканда соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырма салмагы жана Кытайда орун алып турган инфляция боюнча маалыматтар корректировкаланган. Мындан тышкары, иштеп жаткандардын акчалай которууларына тиешелүү трансферттер боюнча 2005-жылдан берки маалыматтар да кайрадан каралып чыккан.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2011-жылдын 20-майы**

### **Шарттуу белгилер**:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;
— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;
- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финанасы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөтөлиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-57, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 66-90-55; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: aberdigulova@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөрүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2011-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

"Next Print" ЖЧК полиграфия комплексинде басууга
даярдалды жана басылып чыгарылды.
Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1
Тел.: (312) 65 55 56
(312) 65 24 24

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду сунуштайт. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Финансылык ортомчу катары банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү жана ага баа берүү, ошондой эле банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү "Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" басылмасынын максаты. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногу боюнча негизги маалыматтарды чагылдырат. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйругу менен бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АӨБ | - Азия өнүгүү банкы |
| АӨЭФ | - Айыл-чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фонду |
| АКШ | - Америка Кошмо Штаты |
| АЧӨ | - Алыскы чет өлкө |
| БАЭ | - Бириккен Араб Эмираты |
| БК | - Баалуу кагаздар |
| ДБ | - Дүйнөлүк банк |
| ЕБРР | - Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы |
| ӨЭУ | - Өкмөттүк эмес уюмдар |
| ЖТК | - Жалпы тышкы карыз |
| ИБР | - Ислам өнүктүрүү банкы |
| ИДП | - Ички дүң продукт |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| КМШ | - Көзкарандысыз Мамлекеттердин шериктештигине кирген өлкөлөр |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| МТК | - Мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | - Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| РЭАК | - Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | - Импортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ТИМ | - Тышкы иштер министрлиги |
| ТКМ | - Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ТФОБ | - Экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ТЭИТН | - Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| ЭВФ | - Эл аралык Валюта Фондусу |
| ЭИП | - Эл аралык инвестициялык позиция |
| ЭСТК | - Эл аралык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ


**1. Төлөм теңдеминдеги тенденциялар** ... 7
**2. Күндөлүк операциялар эсеби** ... 10
Соода балансы ... 10
Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу ... 14
Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы ... 15
Кирешелер ... 17
Трансферттер ... 18
**3. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** ... 20
Эл аралык камдар ... 21
**4. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы** ... 22
**5. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы** ... 27
**I тиркеме: Таблицалар жана графиктер** ... 31
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө)... 32
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ...40
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ...40
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ...41
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ...41
I.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү ...42
I.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү ...42
I.8-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү ...43
I.9-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү ...43
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ...44
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ...46
I.12-таблица. Баанын индекси жана экспорттун физикалык көлөмү ...48
I.13-таблица. Баанын индекси жана импорттун физикалык көлөмү ...49
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ...50
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ...50
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ...51
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ...52
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ...53
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ...54
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ...55
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ...56
I.21-таблица. БАЭна товарлардын экспорту ...57
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ...58
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ...59
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ...59
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ...60
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ...61
I.26-таблица. Украинадан товарлардын импорту ...62
I.27-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ...63
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ...64
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ...65
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ...66
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ...67
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ...68
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ...69
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ...70
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ...71
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ...72
I.36-таблица. Кыргыз Республикасынын кызмат көрсөтүүлөр экспортунун географиялык түзүмү ...74
I.37-таблица. Кыргыз Республикасынын кызмат көрсөтүүлөр импортунун географиялык түзүмү ...75
I.38-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ...76
I.39-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ...77
I.40-таблица. Эл аралык камдар ...77
**II тиркеме: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү ыкмасы** ... 78
**III тиркеме: Төлөм теңдеминин «Кыдыруулар» статьясына баа берүүнүн ыкмасы** ... 86
**IV тиркеме: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы** ... 87
**V тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы** ... 91
**VI тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерди эсептөө ыкмасы** ... 94
**VII тиркеме: Эл аралык инвестициялык позицияларды түзүү ыкмасы** ... 96
**VIII тиркеме: Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрациялануусун эсептөө ыкмасы** ... 98

# 1. ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНДЕГИ ТЕНДЕНЦИЯЛАР

2010-жылы төлөм теңдеминин жалпы сальдосу, 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча 234,8 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү оң сальдого салыштырганда, 54,6 млн. доллар чегинде оң калыптанган.

**Күндөлүк операциялар эсебинин** тартыштыгы көбөйүп, ИДӨгө карата 4,1 пайызды түзгөн. Күндөлүк трансферттер боюнча акчалай түшүүлөрдүн өсүшүнө карабастан, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн терс сальдосунун 26,6 пайызга көбөйүүсү, күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын 105,9 млн. АКШ долларынан 188,0 млн. долларга чейин көбөйүүсүн аныктаган.

2010-жылдын жыйынтыгы боюнча республиканын **тышкы соода жүгүртүүсү** ФОБ баасында (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен) 4 763,5 млн. долларды түзгөн, бул 2009-жылдагы деңгээлден 5,7 пайызга жогору. Айрыкча, алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн көлөмү 10,4 пайызга өскөн, ошол эле учурда КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүүнүн көлөмү 1,4 пайызды түзгөн. Мында, КМШ өлкөлөрү жана алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн нарктык көлөмү болжол менен алганда, бирдей өлчөмдө калыптанган.

Кыргыз Республикасынын **соода балансынын тартыштыгы** (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен) 2009-жылдагыга салыштырганда 2010-жылы ичинде 7,0 пайызга көбөйүү менен 1 198,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

2010-жылы **товарлардын экспорту** ФОБ баасында (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен) 2009-жылдагы 1 693,8 млн. АКШ долларына салыштырганда, 5,2 пайызга көбөйүү менен 1 782,6 млн. доллар көлөмүндө катталган. Чогуу алгандагы экспорттун өсүшү алтынды берүүлөр менен камсыз кылынган, ал 26,2 пайызга же абсолюттук мааниде алганда 138,8 млн. АКШ долларына өскөн. Отчеттук мезгил ичинде алтынды эске албаганда экспорт 4,3 пайызга төмөндөп, 1 114,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

**Товарлардын импорту** ФОБ баасында кароого алынып жаткан жылда 5,9 пайызга өсүп, 2 980,9 млн. АКШ долларын түзгөн. 2009-жылдагыга салыштырганда алыскы чет өлкөлөрдөн импорт 14,0 пайызга көбөйгөн болсо, КМШ өлкөлөрүнөн импорт 0,2 пайызга төмөндөгөн.

Эл аралык **кызмат көрсөтүүлөр балансы** терс сальдодо калыптанып, 2009-жылдагы 9,1 млн. АКШ долларынан 2010-жылдагы 231,1 млн. долларга чейин көбөйгөн. Мында, кызмат көрсөтүүлөр экспорту 19,4 пайызга азайып, ал эми импорту 6,4 пайызга көбөйгөн.

2010-жылдын жыйынтыгы боюнча "**Күндөлүк трансферттер**" статьясынын балансы 1 391,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо чыккан. Бул 2009-жылдагы көрсөткүчтөн 15,3 пайызга көп. Мында, Россия Федерациясынын өкмөтүнүн 2009-жылдагы 150,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү гранттык каражаттарын эске албаганда, ушул статья боюнча өсүш 31,6 пайыз чегинде катталган.

Отчеттук жылы **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** 266,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо калыптанган, бул 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 62,7 пайызга төмөн.

2010-жылдын жыйынтыгы боюнча **финансылык операциялар эсебинин оң сальдосу 55,0 пайызга кыскарып**, 328,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө калыптанган. Отчеттук жылы "**тике чет өлкө инвестицияларынын**" түшүүлөрүнүн 22,3 пайызга өскөндүгү катталган, мында портфелдик инвестициялар боюнча түшүүлөрдүн 36,3 пайызга төмөндөшү, ал эми "**башка инвестициялар**" статьясы боюнча түшүүлөрдүн да төмөндөгөндүгү байкалган. Алсак, отчеттук жылы "башка инвестициялар" статьясы боюнча сальдо 8,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс чыккан, ошол эле учурда 2009-жылы оң сальдо 387,1 млн. АКШ долларын түзүү менен Россия Федерациясынан 300,0 млн. доллар өлчөмүндө мамлекеттик кредиттин тартылышы менен шартталган.

Дүң эл аралык камдардын (резервдердин) көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 1 718,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн болочоктогу импортунун алтын валюта камдары менен ордунун жабылышы коэффициенти 4,2 айды түзгөн.

**1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүү)**
***(млн.АКШ долларында)***

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-263,1** | **-225,9** | **-703,4** | **-105,9** | **-188,0** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -967,4 | -1195,5 | -1975,9 | -1128,8 | -1429,4 |
| Соода балансы* | -886,5 | -1275,8 | -1879,2 | -1119,8 | -1198,3 |
| Экспорт (ФОБ) | 906,0 | 1337,8 | 1874,4 | 1693,8 | 1782,6 |
| КМШ | 476,1 | 753,9 | 1011,7 | 752,8 | 788,1 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 429,9 | 583,9 | 862,7 | 941,0 | 994,5 |
| Импорт (ФОБ) | 1792,4 | 2613,6 | 3753,5 | 2813,6 | 2980,9 |
| КМШ | 925,8 | 1420,7 | 2025,4 | 1593,7 | 1590,2 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 866,6 | 1192,9 | 1728,1 | 1219,9 | 1390,6 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -81,0 | 80,3 | -96,8 | -9,1 | -231,1 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 378,7 | 684,8 | 896,1 | 859,8 | 693,1 |
| Алынган кызматтар | -459,7 | -604,5 | -992,9 | -868,9 | -924,2 |
| Кирешелер | -48,1 | -48,9 | -203,5 | -184,1 | -149,9 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -39,7 | -37,2 | -176,6 | -120,1 | -93,1 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 4,2 | 0,2 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | 15,7 | 8,9 | -5,1 | -41,2 | -24,6 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -19,9 | -24,5 | -28,5 | -44,4 | -35,2 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 35,6 | 33,4 | 23,4 | 3,2 | 10,5 |
| Эмгекке төлөөлөр | -24,2 | -20,8 | -22,3 | -27,0 | -32,3 |
| Күндөлүк трансферттер | 752,4 | 1018,5 | 1476,0 | 1207,1 | 1391,3 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **287,9** | **272,7** | **-50,2** | **715,6** | **266,6** |
| Капитал менен операциялардын счету | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -14,0 | -62,1 |
| Капиталдык трансферттер | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -14,0 | -62,1 |
| Финансы счету*** | 331,8 | 347,6 | -5,3 | 729,5 | 328,6 |
| Тике инвестициялар** | 182,0 | 208,9 | 377,1 | 189,6 | 233,6 |
| Портфелдик инвестициялар** | -3,0 | -14,3 | -230,0 | 161,9 | 103,2 |
| Финансылык деривативдер | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 152,8 | 153,0 | -152,4 | 378,1 | -8,1 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -24,0 | 19,4 | -362,7 | -217,2 | 103,1 |
| Коммерциялык банктар | -17,0 | 37,7 | -115,9 | -157,9 | 199,9 |
| Жана башка активдер | -7,0 | -18,3 | -246,7 | -59,3 | -96,8 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 176,8 | 133,6 | 210,3 | 595,2 | -111,2 |
| Коммерциялык банктар | -26,6 | 66,6 | 48,4 | 50,4 | -204,0 |
| Кредиттер | 70,7 | 53,6 | 40,3 | 453,7 | 75,4 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 56,5 | 38,5 | 12,9 | 332,9 | 110,8 |
| Алынганы | 80,7 | 65,0 | 50,1 | 370,6 | 150,0 |
| Амортизация (график) | -24,2 | -26,5 | -37,2 | -37,7 | -39,3 |
| Жеке секторго кредиттер | 14,2 | 15,1 | 27,5 | 120,8 | -35,4 |
| Алынганы | 26,2 | 33,3 | 42,2 | 167,1 | 74,2 |
| Амортизация (график) | -12,0 | -18,2 | -14,7 | -46,4 | -109,7 |
| Жана башка милдеттенмелер | 132,7 | 13,3 | 121,6 | 91,2 | 17,4 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **159,1** | **269,7** | **846,9** | **-374,9** | **-23,9** |
| **Жалпы баланс** | **183,9** | **316,5** | **93,3** | **234,8** | **54,6** |
| **Каржылоо** | **-183,9** | **-316,5** | **-93,3** | **-234,8** | **-54,6** |
| Улуттук банктын резервдери | -169,9 | -306,8 | -121,3 | -267,7 | -112,3 |
| ЭВФтин кредиттери | -23,5 | -20,7 | 18,7 | 3,5 | 9,1 |
| Өзгөчө каржылоо | 9,5 | 11,0 | 9,2 | 29,5 | 48,6 |
| Жана башка каржылоо | — | — | — | — | — |

* Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн  жана "алып сатарлардын" соодасын эске алуу менен
**Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен
*** УСКнын 2010-жылдын IV чейреги үчүн тике инвестициялар, портфелдик инвестициялар жана соода кредиттери боюнча алдын ала маалыматтары.

| 2009 I | 2009 II | 2009 III | 2009 IV | 2010 I | 2010 II | 2010 III | 2010 IV | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **-181,4** | **157,1** | **-32,8** | **-48,8** | **-84,2** | **12,7** | **-54,8** | **-61,8** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -316,7 | -237,6 | -307,0 | -267,6 | -167,7 | -272,4 | -528,6 | -460,6 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -308,1 | -277,2 | -301,1 | -233,4 | -152,4 | -208,1 | -430,7 | -407,0 | Соода балансы* |
| 283,5 | 375,4 | 433,1 | 601,9 | 466,9 | 408,3 | 333,5 | 574,0 | Экспорт (ФОБ) |
| 125,0 | 176,3 | 230,2 | 221,3 | 125,7 | 185,4 | 217,2 | 259,8 | КМШ |
| 158,4 | 199,1 | 203,0 | 380,6 | 341,2 | 222,9 | 116,3 | 314,1 | Алыскы чет мамлекеттер |
| 591,5 | 652,6 | 734,2 | 835,3 | 619,3 | 616,4 | 764,2 | 981,0 | Импорт (ФОБ) |
| 331,9 | 363,0 | 455,1 | 443,8 | 356,7 | 335,0 | 397,9 | 500,6 | КМШ |
| 259,7 | 289,6 | 279,1 | 391,5 | 262,6 | 281,4 | 366,2 | 480,4 | Алыскы чет мамлекеттер |
| -8,7 | 39,6 | -5,9 | -34,2 | -15,3 | -64,3 | -97,9 | -53,6 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 179,2 | 239,8 | 215,6 | 225,3 | 189,9 | 131,5 | 176,4 | 195,4 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -187,8 | -200,1 | -221,5 | -259,5 | -205,2 | -195,8 | -274,3 | -249,0 | Алынган кызматтар |
| -38,9 | -11,5 | -37,4 | -96,3 | -143,4 | -35,6 | 45,7 | -16,6 | Кирешелер |
| -30,2 | 3,4 | -15,1 | -78,1 | -125,1 | -22,9 | 58,8 | -3,9 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 3,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,1 | — | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -6,0 | -8,7 | -16,6 | -9,9 | -11,2 | -5,6 | -5,1 | -2,6 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -8,7 | -8,2 | -17,0 | -10,5 | -10,6 | -7,7 | -10,4 | -6,4 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 2,7 | -0,6 | 0,4 | 0,6 | -0,7 | 2,1 | 5,3 | 3,8 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -6,0 | -6,5 | -5,9 | -8,6 | -7,2 | -7,2 | -7,9 | -10,0 | Эмгекке төлөөлөр |
| 174,2 | 406,2 | 311,5 | 315,1 | 227,0 | 320,8 | 428,1 | 415,4 | Күндөлүк трансферттер |
| **93,9** | **467,3** | **219,5** | **-65,2** | **42,3** | **89,3** | **145,1** | **-10,1** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| -6,3 | -10,9 | -1,9 | 5,1 | -4,3 | -10,9 | -31,2 | -15,7 | Капитал менен операциялардын счету |
| -6,3 | -10,9 | -1,9 | 5,1 | -4,3 | -10,9 | -31,2 | -15,7 | Капиталдык трансферттер |
| 100,3 | 478,2 | 221,4 | -70,3 | 46,6 | 100,2 | 176,3 | 5,6 | Финансы счету*** |
| -8,7 | 4,1 | 66,7 | 127,5 | 165,1 | -5,0 | -29,0 | 102,6 | Тике инвестициялар** |
| 73,6 | 90,3 | 104,6 | -106,5 | -73,1 | 80,0 | 96,1 | 0,1 | Портфелдик инвестициялар** |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Финансылык деривативдер |
| 35,4 | 383,8 | 50,1 | -91,2 | -45,4 | 25,2 | 109,2 | -97,1 | Башка инвестициялар |
| 26,3 | -50,4 | -114,7 | -78,4 | -127,8 | 295,2 | 60,8 | -125,0 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| -24,5 | -29,1 | -79,4 | -24,9 | -37,7 | 292,6 | -33,5 | -21,5 | Коммерциялык банктар |
| 50,8 | -21,2 | -35,3 | -53,6 | -90,1 | 2,6 | 94,3 | -103,6 | Жана башка активдер |
| 9,1 | 434,2 | 164,8 | -12,8 | 82,4 | -270,0 | 48,4 | 28,0 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| -2,8 | 19,2 | -0,6 | 34,6 | 38,2 | -230,1 | -8,2 | -3,9 | Коммерциялык банктар |
| 24,1 | 408,9 | 19,8 | 0,9 | 44,6 | -15,1 | 37,0 | 8,9 | Кредиттер |
| 12,2 | 290,3 | 27,6 | 2,7 | 26,1 | -8,2 | 85,0 | 7,9 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 17,8 | 303,4 | 32,8 | 16,6 | 32,5 | 4,9 | 90,7 | 22,0 | Алынганы |
| -5,5 | -13,1 | -5,1 | -13,9 | -6,4 | -13,1 | -5,7 | -14,1 | Амортизация (график) |
| 11,9 | 118,6 | -7,8 | -1,8 | 18,5 | -6,9 | -48,0 | 1,0 | Жеке секторго кредиттер |
| 12,0 | 135,1 | 8,4 | 11,7 | 33,2 | 6,3 | 13,5 | 21,3 | Алынганы |
| -0,1 | -16,5 | -16,2 | -13,5 | -14,7 | -13,2 | -61,5 | -20,3 | Амортизация (график) |
| -12,2 | 6,1 | 145,5 | -48,3 | -0,3 | -24,8 | 19,5 | 23,0 | Жана башка милдеттенмелер |
| **-71,9** | **-162,5** | **-322,7** | **182,1** | **103,0** | **-123,5** | **-90,4** | **87,0** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-159,3** | **461,9** | **-136,0** | **68,2** | **61,1** | **-21,5** | **-0,1** | **15,1** | **Жалпы баланс** |
| **159,3** | **-461,9** | **136,0** | **-68,2** | **-61,1** | **21,5** | **0,1** | **-15,1** | **Каржылоо** |
| 164,9 | -487,0 | 140,5 | -86,1 | -69,0 | 13,1 | -29,2 | -27,2 | Улуттук банктын резервдери |
| -10,0 | 24,2 | -8,9 | -1,9 | -10,3 | -1,7 | 22,9 | -1,8 | ЭВФтин кредиттери |
| 4,4 | 0,9 | 4,3 | 19,8 | 18,2 | 10,1 | 6,4 | 13,9 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

# 2. КҮНДӨЛҮК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

Күндөлүк операциялар эсеби терс чыгуу менен 188,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул ИДӨгө карата 4,1 пайызды түзөт.

**2.1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайыздарда*




## СООДА БАЛАНСЫ[1]

**Тышкы соода жүгүртүү** ФОБ баасында (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен) отчеттук мезгилде, 2009-жылдагыга салыштырганда 5,7 пайызга көбөйүп, нарктык көрсөткүчүндө 4 763,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Айрыкча, алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн көлөмү өсүп - ал 10,4 пайыз чегинде катталган. Айрыкча, алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн көлөмү 10,4 пайызга өскөн, ошол эле учурда КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүүнүн көлөмү 1,4 пайызды түзгөн. Мында, КМШ өлкөлөрү жана алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн нарктык көлөмү болжол менен алганда, бирдей өлчөмдө калыптанган.

Товар жүгүртүүнүн ИДӨгө карата катышы катар эсептелинген экономиканын ачыктыгы көрсөткүчүн 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 96,9 пайыздан 104 пайызга чейин көбөйгөн. Экспорттун ИДӨгө карата үлүшү 2,4 пайыздык пунктка, ал эми импорттун үлүшү 4,5 пайызга өскөн.

Экспорттун товардык концентрациялануусу 2010-жылда 42,4 пайыздан 46,6 пайызга чейин көбөйгөн болсо, импорттун товардык концентрациялануусу 15,1 пайыздан 14,4 пайызга чейин кыскарган. Бул, экспорттун товардык диверсификацияланышынын азайгандыгын жана импорттук операцияларда товардык ассортиментинин көбөйгөндүгүн тастыктайт.

Кыргыз Республикасынын **соода балансынын** тартыштыгы (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен) 2009-жылдагыга салыштырганда, 2010-жылы 7,0 пайызга көбөйүү менен 1 198,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2.2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*ИДПга карата пайыздарда*




**Товарлардын экспорту** ФОБ баасында (УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен) 2009-жылдагы 1693,8 млн. АКШ долларына салыштырганда 1 782,6 млн. АКШ доллары көлөмүндө калыптанып, 5,2 пайызга көбөйгөн. Чогуу алгандагы экспорттун өсүшү, 26,2 пайызга же абсолюттук мааниде алганда 138,8 млн. АКШ долларына өскөн алтынды берүүлөр менен камсыз кылынган. Отчеттук мезгил ичинде алтынды эске албаганда, экспорт 4,3 пайызга төмөндөп, 1 114,3 млн. АКШ долларын түзгөн. КМШ өлкөлөрүнө мунай заттарынын реэкспорту боюнча олуттуу кыскаруу байкалган (82,0 пайызга же 115,0 млн. АКШ долларына). Алыскы чет өлкөлөргө экспорттун көлөмү 5,7 пайызга, КМШ өлкөлөрүнө 4,7 пайызга көбөйгөн. От-

[1] Тышкы соода боюнча маалыматтар УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз келтирилди, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө.

четтук мезгил ичиндеги экспорттун функционалдык түзүмүнө ылайык, аралык жана керектөө товарлары боюнча өсүштүн жүргөндүгү байкалган жана булар экспорттун жалпы көлөмүндө, тиешелүүлүгүнө жараша 23,6 жана 52,3 пайызды түзүү менен эң ири категориядан болгон. Чийки заттар, инвестициялык товарлар, энергопродукциялар сыяктуу калган товардык топтор боюнча берүүлөрдүн кыскаруусу жүргөн.

*Аралык товарларды* экспорттоо көлөмүнүн өсүшү абсолюттук мааниде алганда 23,6 пайызды же 148,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

*Аралык товарларынын* көлөмүнүн өсүшү 23,6 пайызды же абсолюттук мааниде алганда 148,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул товарлардын экспортунун нарктык көлөмү мында 778,9 млн. доллар деңгээлине жеткен, анын ичинен 668,3 млн. доллары алтынды берүүлөр, айрыкча Швейцарияга (алтындын экспортунун жалпы көлөмүнүн 57,8 пайызы) жана Бириккен Араб Эмираттарына (42,2 пайыз) берүүлөр менен камсыз кылынган. Алтындын экспортунун нарктык көлөмүнүн көбөйүүсү баалардын 20,2 пайызга сыяктуу эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 4,9 пайызга өсүшүнүн эсебинен жүргөн.

Отчеттук мезгил ичинде *керектөө товарларынын экспорту* 51,0 пайызга (118,9 млн. долларга) өсүп, 351,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Кийим-кечелердин жана ага керектүү буюмдардын экспорту салыштырылып жаткан жылга караганда 71,8 өскөн. Мындан тышкары, жашылчаларды берүүлөр жагында (21,6 млн. долларына өсүш), сүт жана сүт азыктары (7,3 млн. долларга өсүш) жагында алгылыктуу тенденция түптөлгөн. Мында, маргаринге жана аралаш майга суроо-талап (5,8 млн. АКШ долларына) төмөндөгөн. Кийим-кечелердин экспорту, айрыкча Россия Федерациясына 1,7 эсеге көбөйгөн. Мында, мөмө-жемиштерди жана жаңгактарды берүүлөр 18,8 пайызга кыскарган. Ошол эле учурда, Казакстанга жашылча-жемиштерди берүүлөр көбөйгөн (24,5 млн. АКШ долларына). Отчеттук мезгил ичинде ошондой эле, маргарин жана аралаш майлар (5,8 млн. АКШ долларына), электр лампалары сыяктуу товарлардын Казакстанга экспортунун төмөндөгөндүгү байкалган. Өзбекстанга күрүчтү экспорттоо 44,1 пайызга же 1,1 млн. АКШ долларына кыскарган, электр лампаларын берүүлөр 5,6 млн. АКШ долларга чейин көбөйгөн.

*Энергопродукцияларынын экспорту* 117,4 млн. АКШ долларын түзүү менен 48,1 пайызга кыскарган. Үчүнчү өлкөлөргө (атап айтканда, Өзбекстанга) авиакеросинди реэкспорттоонун көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам, мына ушундай тенденция келип чыккан, реэкспорттун көлөмү отчеттук мезгил ичинде 99,7 пайызга же 114,3 млн. АКШ долларына кыскарган. Мындай төмөндөө Казакстанга нарктык көлөмү 23,5 пайызга же 9,2 млн. АКШ доллары-на өскөн электрэнергиясынын экспорту менен жарым жартылай орду жабылган. КМШ өлкөлөрүнө жана алыскы чет өлкөлөргө энергопродукцияларынын экспортунун үлүштүк катышы, тиешелүүлүгүнө жараша 62,4 жана 37,6 пайызды түзгөн.

Берүүлөрдүн 35,8 пайызга (112,6 млн. АКШ долларына төмөндөшүнүн натыйжасында, *чийки заттардын* экспортунун чогуу алгандагы көлөмү 202,4 млн. АКШ доллар деңгээлинде калыптанган. Мындай терс тенденция органикалык эмес, химиялык заттардын экспортунун көлөмүнүн 37,2 пайызга (93,2 млн. АКШ долларына) төмөндөшү менен шартталган, бул чийки заттардын бүтүндөй экспортунун 77,7 пайызын түзөт. Бул продукция эң чоң көлөмдө АКШга экспорттолгон (берүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 57,2 пайызы).

Чийки заттар экспортуна ошондой эле, тамекинин экспортунун 48,2 пайызга же 6,8 млн. АКШ долларына көбөйүүсү таасир эткен. Бул эң оболу, Россияга берүүлөрдүн көлөмүнүн 4,8 млн. АКШ долларга өсүшүнүн эсебинен келип чыккан.

Отчетук мезгил ичинде *инвестициялык товарлардын* экспорту 2,9 пайызга төмөндөө менен 37,8 млн. долларын түзгөн. Ушул категориянын товардык түзүмүнө ылайык жүк ташуу үчүн каралган автомобилдердин экспорту эң башкысы, Өзбекстанга берүүлөрдүн 63,7 пайызга кыскарышынын эсебинен төмөндөгөн (6,4 млн. АКШ долларына).

КМШ өлкөлөрүнө жана алыскы чет өлкөлөргө инвестицялык товарлардын экспортунун үлүштүк катышы, тиешелүүлүгүнө жараша 71,9 жана 28,1 пайызды түзгөн.

**Товарлардын импорту** ФОБ баасында

2010-жылы 5,9 пайызга өсүп, 2 980,9 млн. АКШ долларын түзгөн. 2009-жылдагыга салыштырганда алыскы чет өлкөлөрдөн импорт 14,0 пайызга көбөйгөн, ал эми КМШ өлкөлөрүнөн импорт 0,2 пайызга төмөндөгөн.

Мында, керектөө багытындагы товарлар (импорттун жалпы көлөмүнүн 34,5 пайызы), энергопродукциялары (26,5 пайыз) жана аралык товарлар (21,2 пайыз)[2] сыяктуу товарлар, мурдагыдай эле, импорту негизги түзүүчүлөрдөн болгон.

*Керектөө товарларынын импорту* 4,0 пайызга көбөйүп, 1111, 9 млн. АКШ долларын түзгөн. Эт жана эт азыктарынын түшүүсүнүн (73,5 пайызга), медикаменттердин (25,4 пайызга), эфир майларынын жана парфюмерия каражаттарынын (10,2 млн. АКШ долларына), кофе, чай, какао жана ар кандай таттуу азыктардын (5,2 млн. АКШ долларына) түшүүлөрүнүн өскөндүгү байкалган. Мындан тышкары, буудай унунун жана угуттун (64,6 пайызга) жана күрүчтүн (46,2 млн. АКШ долларына) импортунун олуттуу кыскарышы катталган. Керектөө багытындагы товарлар, эң ополу алыскы чет өлкөлөрдөн импорттолуп алынып, алардын көлөмү керектөө товарларынын жалпы көлөмүнүн 62,0 пайызын түзгөн. АКШдан эт жана эт азыктарынын импорту 78,8 пайызга көбөйгөн. Бул эт азыктарынын импортунун жалпы көлөмүнүн 63,3 пайызын түзөт. Кытайдан да эт жана эт азыктарынын импорту 78,5 пайызга (эттин жалпы импортунун 30,2 пайызы), жемиштердин жана жаңгактардын импорту 28,4 пайызга көбөйгөн, бул ушул товардын импортунун жалпы көлөмүндө 65,9 пайызды түзөт. Мындан тышкары, телефон аппараттарынын импортунун 66,5 пайызга же 14,6 млн. долларга олуттуу өсүшү байкалган. Ал эми Кытайдан күрүчтүн импорту боюнча (2009-жылдагыга салыштырганда 71,3 пайызга төмөндөө) жана бут кийимдин (32,2 пайызга же 14,9 млн. АКШ долларга төмөндөө) импорту боюнча терс тенденция катталган. Мурда колдонулган жеңил автомобилдердин импорту Германиядан 15,0 пайызга азайган, бирок бул Япониядан автомобилдердин 27,4 пайызга көбөйгөн импорту менен компенсацияланган. КМШ өлкөлөрүнөн, атап айтканда Россиядан медикаменттердин импорту 21,7 пайызга, өсүмдүк майынын импорту 16,2 пайызга өскөн. Казакстандан канттын түшүүсү 8,8 млн. АКШ долларына, минерал суулардыкы 23,5 пайызга көбөйгөн. Ушуну менен катары эле, ундун түшүүсү 67,2 пайызга, маргариндин жана аралаш майларынын түшүүсү 13,8 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук мезгил ичинде *энергопродукциялардын импорту* 6,3 пайызга өсүп, 854,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлардын ушул тобунда мунай заттарынын үлүшү 86,2 пайызды түзгөн, мурдагыдай эле Россия (мунай отунун берүүлөрдүн бүтүндөй көлөмүнүн 85,6 пайызы) негизги товар берүүчүдөн болгон. Сырттан ташылып келинген мунай отундарына баанын өсүшү мунай заттарынын, дизель отунун (61,9 пайызга) жана автомобиль бензининин импортунун нарктык көлөмүнүн көбөйүүсүнө түрткү берген. Ошол эле учурда, натуралай алганда импорттун көлөмү 24,8 пайызга төмөндөгөн. Таш көмүрдүн импорту 58,2 пайызга же 14,0 млн. АКШ долларына өскөн болсо, жаратылыш газынын импорту 17,1 пайызга млн. АКШ долларга (11,9 млн. АКШ долларына) кыскарган. 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча *аралык товарларынын импорту* 0,5 пайызга өсүү менен 683,7 млн. АКШ доллар деңгээлинде калыптанган. Отчеттук мезгилде ушул категориянын товардык түзүмүнө ылайык, жер семирткичтерди берүүлөр (69,6 пайызга), резина покрышкаларын (19,9 пайыз), баштапкы формасындагы пластмассаларды (36.2 пайызга) берүүлөр көбөйгөн. Мында, портландцементтин импорту 75,3 пайызга же 15,3 млн. АКШ долларына; автомобилдердин тетиктери жана ага тиешелүү башка буюмдардын 11,6 пайызга ( 4,2 млн. долларга); чоюн жана болоттун (7,4 пайызга) импортунун төмөндөшү байкалган. Алсак, жер семирткичтердин, көбүнесе, Өзбекстандын эсебинен түшүүсү (баардык берүүлөрдүн 76,2 пайызы) арткан. Ошол эле учурда, ушул өлкөдөн портланцементтин импорту 17,0 млн. долларга төмөндөгөн. Россиядан аралык товарларынын импорту да 2009-жылдагыга салыштырганда төмөндөгөн. Ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачы (11,2 пайызга), чоюндан жана болоттон жасалган буюмдар (8,0 пайызга же 3,4 млн. АКШ долларга), резина покрышкалары (9,2 пайыз) сыяктуу товарлардын азайгандыгы байкалган. АКШдан автомобиль

[2] Бул жерде жана мындан ары товарлардын импорту СИФ баасында көрсөтүлгөн.

тетиктерин жана ага тиешелүү буюмдардын алынып келиниши 3,9 эсеге көбөйгөн. Кытайдан чоюнду жана болотту берүүлөр 3,0 млн. долларына ошондой эле кездемелерди берүүлөр (4,3 пайызга же 2,1 млн. АКШ долларына) азайган. Отчеттук мезгил ичинде импорттолуп алынган аралык товарларынын олуттуу бөлүгү (58,0 пайызы) алыскы чет өлкөлөр тарабынан камсыз кылынгаан.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде *инвестициялык товарлардын импорту* 16,5 пайызга өсүү менен 455,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Ушул категориянын товардык түзүмүнө ылайык жүк ташуу үчүн каралган автомобилдердин импорту олуттуу өскөн (30,7 млн. АКШ долларына). Мындан тышкары, ташты, кендерди майдалоочу машиналардын (9,5 млн. АКШ долларына), электр трансформаторлорунун (9,4 млн. АКШ долларга, жүк көтөрүүчү жабдуулардын жана конвейерлердин (11,1 млн. АКШ долларга), ошондой эле маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуу үчүн каралган машинкалардын (3,1 млн. долларга) түшүүлөрүнүн өскөндүгү байкалган. Инвестициялык товарлардын импортунун 87,3 пайызын алыскы чет өлкөлөр камсыз кылган. 2010-жылы АКШдан алынган жүк ташуучу автомобилдердин жана атайы багыттагы автомобилдердин импорту товарлардын ушул тобундагы эң эле ири операциядан болгон, ал 8,1 эсеге өскөн. Курулуш ишине керектелүүчү машиналар жана жабдуулар АКШдан 2009-жылдагыга салыштырганда 2,5 эсеге көп импорттолуп алынган. Кытайдан ар кандай кол менен иштетилүүчү жана машинка түрүндөгү инструменттерди берүүлөр өскөн. (2,2 эсеге).

*Чийки заттардын импорту* 117,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул 2009-жылдагы көрсөткүчтөн 38,2 пайызга аз. Айрыкча, органикалык эмес химиялык заттардын импорту 67,6 пайызга же 43,5 млн. АКШ долларына кыскарган. Негизинен бул сырьену берүүнү Казакстан 66,4 пайызга кыскарткан. Ошондой эле, отчеттук мезгил ичинде көбөйгөн импорттолуп алынган сырьелордун дээрлик бүтүндөй көлөмү (87,7 пайызы) КМШ өлкөлөрү тарабынан камсыз кылынган.

**Россия Федерациясынын жана Бажы союзу жөнүндө келишимге катышкан мамлекеттердин аймагынын чегинен тышкары ташылып кеткен мунай заттарына бажы алымдарынын чендеринин (ставкаларынын) Кыргыз Республикасынын соода жүргүзүүсүнө 2010-жылы тийгизген таасири**

Кыргыз Республикасынын мунай заттарына болгон керектөөсүн толук камсыз кылуу Россия Федерациясынан жана Казакстандан күйүүчү-майлоочу материалдардын (КММ) берилишине жараша болот, мында КММнын импортунун 85,6 пайызы географиялык жакын жайгашуусунан жана отундун чектелбеген көлөмүнө ээ экендигинен улам, Россия Федерациясы тарабынан камсыз кылынат.

**1-график. 2010-жылда Россия Федерациясынан жана Казакстандан мунай заттарын импорттоо**

*млн. АКШ доллары*



2010-жылдын 1-апрелинде Россия, Бажы союзуна мүчө болбогон өлкөлөр, анын ичинде Кыргызстан үчүн да мунай заттарына экспортук бажы алымын киргизген, бул Кыргыз Республикасынын тышкы соодасына мунун кандайча таасир этээрине мониторинг жүргүзүү зарылчылыгын таңуулаган.

**2-график. 2010-жылдын март айынан тартып чыгарылып кеткендер үчүн мунай заттарына бажы алымдар чендеринин өзгөрүү динамикасы**

*1000 кг. АКШ долл.*




2010-жыл ичинде алынып кеткендерге бажы алымдарынын ченине жүргүзүлгөн мониторинг, Россия мунай заттарына бажы алымдарынын ченинин өзгөрүүсү мунай заттарды физикалык берүүлөргө сыяктуу эле, алардын нарктык көлөмүнө да таасир этkendигин көрсөткөн. Алсак, мунай заттарынын импортунун жалпы көлөмү 2009-жылдагыга салыштырганда доллар эквивалентинде 6,4 пайызга көбөйгөн. Мында, мунай отунунун импорттук баасы 40,5 пайызга өскөн, ошол эле учурда республикага отчеттук жыл ичинде 2009-жылдагыга караганда 380,2 миң тоннага аз ташылып келинген, бул 4 эселенген кыскарууну чагылдырат. Отундун энергопродукциясынын ушул түрүн физикалык берүүлөрдүн кыскаруусу биринчи кезекте, анын үчүнчү өлкөлөргө реэкспортунан көрүнгөн. Алсак, салыштыруу үчүн алынган жылдагыга караганда, мунай заттары 291,3 миң тоннага реэкспорттолгон.

Мында, негизги кыскаруу Өзбекстангатуура келген, анда төмөндөө 248,2 миң тоннаны түзгөн, бул эң оболу, баа спрэдинин жоктугуна шартталган.

## РЕАЛДУУ ЭФФЕКТИВДҮҮ АЛМАШУУ КУРСУ

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси (РЭАК) 2010-жылдын акырына карата 111,3тү түзгөн жана 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 8,0 пайызга көбөйгөн. Мында, КМШ өлкөлөрүнүн ичинен соода жагынан негизги өнөктөштөр боюнча эсептелинген сомдун РЭАКгу 4,3 пайызга, алыскы чет өлкөлөр боюнча 8,8 пайызга өскөн.

Сомдун негизги соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдүн көпчүлүгүнүн валюталарына карата курсунун төмөндөшүнө карабастан, өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляцияны деңгээлинин кыйла төмөндүгү РЭАК тенденциясын калыптандырууда аныктоочу фактордон болгон.

Алсак, инфляция Кыргыз Республикасында 2010-жылдын декабрь айында, 2009-жылдын декабрындагыга салыштырганда 19,2 пайызды түзгөн, ал эми өнөктөш өлкөлөрдө орун алган инфляциянын ошол мезгилдеги орточо деңгээли, алдын-ала эсептөөлөр боюнча 3,2 пайыз чегинде катталган.

2010-жылы сомдун соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдүн көпчүлүк валюталарына, атап айтканда кытай юанине карата 8,7 пайызга, казак тенгесине карата 7,2 пайызга, АКШ долларына карата 6,3 пайызга, орус рублине карата 2,3 пайызга номиналдык эки тараптуу алмашуу курсунун төмөндөөсү байкалган. Ошону менен бирге эле, өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдүн айрым валюталары-

на карата чыңдалуусу белгиленген, айталык евроғо карата анын бекемделиши 4,3 пайыз чегинде катталган. Натыйжада, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн көпчүлүгүнүн валютасына карата сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун төмөндөөсүнүн таасири астында, номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун жалпы индекси (НЭАК) 2010-жылдын акырына карата 116,2ни түзүү менен 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 6,5 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын экспортунун физикалык көлөмү[3] 7,2 пайызга төмөндөгөн. Экспорттун түзүмүндө органикалык эмес химиялык заттарды берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 21,7 пайызга, мунай заттардыкы - 69,8 пайызга, пахтаныкы - 10,2 пайызга, ар кандай баалуулукка жатпаган металлдардыкы - 6,1 пайызга, кагаз жана андан жасалган буюмдардыкы - 6,4 пайызга, тирүү малдыкы - 31,1 пайызга төмөндөгөндүгү белгиленген. Ушуну менен катары эле, жашылча-жемиштердин экспортунун физикалык көлөмүнүн 56,0 пайызга, тамекиники 39,7 пайызга, сүт азыктарыныкы 35,1 пайызга, ысыткыч лампаларыныкы 8,4 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген.

**2.3-график: РЭАК, НЭАК динамикасы жана керектөө товарларынын импортунун жана экспортунун көлөмү**




Экспорттук берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн азайуусу менен катар эле, импорттук түшүүлөрдүн[3] физикалык көлөмү да[4] кыскарган. Импорттун түзүмүндө мунай заттарынын түшүүлөрүнүн физикалык көлөмүнүн 24,3 пайызга, чоюндун жана болоттун - 26,0 пайызга, кантын - 23,4 пайызга, кофе, чай, какао, ар кандай татуу азыктардын 4,3 пайызга, резина покрышкалардыкы - 111,9 пайызга төмөндөгөндүгү белгиленген. Ушуну менен катар эле, медикаменттердин импортунун физикалык көлөмүнүн 4,4 пайызга, эт жана эт азыктарыныкы 56,6 пайызга, эфир майларынын жана парфюмердик каражаттардын 46,9 пайызга, ал эми телефон аппараттарыныкы 5,4 эсеге, өсүмдүк майларыныкы 17,7 пайызга көбөйгөндүгү катталган.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын терс сальдосу 2009-жылдагы 9,1 млн. доллардан отчеттук жылдагы 231,1 млн долларга чейин көбөйгөн. Ушул көрсөткүчтүн калыптанышына кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 166,7 млн. долларга кыскаруусу жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 55,4 млн. долларга өсүшү таасир эткен.

**2.4-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**

*ИДПга карата пайыздарда*




Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү 1 617,4 млн. доллар суммасында түптөлгөн. Бул 2009-жылдагы ушул эле мааниде 6,4 пайызга аз.

[3] Салыштырма салмагы экспорттун бүтүндөй көлөмүнүн 43,9 пайызын түзгөн айрым товардык позициялар боюнча экспорттун негизинде эсептелинген.

[4] Салыштырма салмагы импорттун бүтүндөй көлөмүнүн 72,5 пайызын түзгөн айрым товардык позициялар боюнча импорттун негизинде эсептелинген.

Кызмат көрсөтүүлөр экспорту 2010-жылы андан мурдагы жылдагыга салыштырганда 19,4 пайызга кыскаруу менен 693,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул "кыдыруулар", "ишкердик", "финансылык", "башка кызмат көрсөтүүлөр" сыяктуу позициялар боюнча көрсөткүчтөрдүн кыскарышынан улам келип чыккан.

Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун эң эле олуттуу - 175,2 млн АКШ долларына төмөндөшү "кыдыруулар" статьясы боюнча байкалган, ал эми "финансылык кызмат көрсөтүүлөр", "ишкердик кызмат көрсөтүүлөр" жана "башка кызмат көрсөтүүлөр" статьялары боюнча кыскаруулар, нарктык көрсөткүчтө алганда тиешелүүлүгүнө жараша, 10,4, 12,4 жана 18,0 млн. АКШ доларын түзгөн.

Калган статьялар боюнча экспорттун өсүшү белгиленген. Алсак, экспорттун көбөйүүсү нарктык туюндурулушунда "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" статьясы боюнча - 15,4 млн АКШ долларында, байланыш кызмат көрсөтүүлөрү боюнча 10,6 млн. АКШ доллары жана курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр боюнча 14,9 млн АКШ долларында катталган.

Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун түзүмүндө мурдагыдай эле, эң чоң үлүш "кыдыруулар" статьясы боюнча (экспорттун жалпы көлөмүнүн 40,9 пайызы), "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" (21,7 пайыз), ошондой эле "ишкердик кызмат көрсөтүүлөр" (16,3 пайыз) статьялары боюнча экспорттук көрсөткүчтөргө тиешелүү болгон.

**2.5-график. Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун түзүмү**

*экспортко карата пайыздарда*




Отчеттук жылы кызмат көрсөтүүлөр импорту 2009-жылдагыга салыштырганда 6,4 пайызга өсүп, 924,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай өсүш эң оболу, "ишкердик кызмат көрсөтүүлөр", "финансылык кызмат көрсөтүүлөр", "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр жана "кыдыруулар" статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшү менен шартталган.

Кызмат көрсөтүүлөр импорту көрсөткүчүнүн эң чоң көбөйүүсү, 2010-жылы андан мурдагы жылдагыга салыштырганда 54,8 млн. АКШ (долларына көбөйгөн "ишкердик кызмат көрсөтүүлөр" статьясы боюнча) байкалган. Ушул статьянын импортунун жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы 15,1 пайызды түзгөн.

2010-жыл ичинде "финансылык кызмат көрсөтүүлөр" статьясы боюнча импорт 2009-жылдагыга салыштырганда, 13,1 млн. долларга көбөйгөн, ал эми "кыдыруулар" статьясы боюнча импорт 4,3 млн. АКШ долларына өскөн.

Отчеттук жылда "транспорттук кызмат көрсөтүүлөр" импортунун көлөмү 2009-жылдагыга салыштырганда 1,1 пайызга бир азга көбөйгөндүгүнө карабастан, кызмат көрсөтүүлөрдүн чогуу алгандагы импорту 2,4 пайыздык пунктка кыскаруу менен 45,1 пайызды түзгөн (417,0 млн АКШ доллары).

Кызмат көрсөтүүлөр импортунун төмөндөшү "башка кызмат көрсөтүүлөр" (17,9 млн. долларга), "курулуш жагында кызмат көрсөтүүлөр" (6,4 млн АКШ доларына) жана "компьютердик жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр" (2,6 млн. долларга) сыяктуу статьялар боюнча да байкалган.

**2.6-график. Кызмат көрсөтүүлөр импортунун түзүмү**

*импортко карата пайыздарда*



**Кызмат көрсөтүүлөр менен эл аралык соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр**

Кыргыз Республикасы үчүн кызмат көрсөтүүлөр менен эл аралык соода жүргүзүүдө тарыхый калыптанып келген багытта сыяктуу эле, географиялык жактан да негизги өнөктөштөрдөн болуп, КМШ өлкөлөрү саналат. Алсак, отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча КМШ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөр экспортунун үлүшү бул багыттагы экспорттун жалпы көлөмүнүн 58,5 пайызын (405,6 млн. АКШ долларын) түзгөн. 2009-жылдагыга салыштырганда бул көрсөткүч 5,1 пайыздык пункта азайган.

КМШ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөр экспортунун географиялык түзүмүндө Кыргызстандын кызмат көрсөтүүлөр менен эл аралык соодасына олуттуу таасир эткен бир нече өлкөнү бөлүп көрсөтүүгө болот. Үлүшүнө 212,0 млн АКШ доллары туура келген Казакстан Республикасын, 95,8 млн АКШ долларына туура келген Россия Федерациясынын, 30,9 млн. АКШ доллары туура келген Өзбекстан Республикасы, 27,6 млн. АКШ доллары туура келген Тажикстан Республикасын мына ушундай өнөктөштөр катары атоого болот. Чет өлкө туристтерин тейлөө чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр, КМШ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөр экспортунда олуттуу киреше булагынан болуп калган.

Отчеттук жылы алыскы чет өлкөлөргө кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмү 287,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 8,1 пайызга төмөн. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен: Америка Кошмо Штатын (51,6 млн. АКШ доллары), Гонконг (24,0 млн. АКШ доллары), Туркия Республикасын (23,9 млн. АКШ доллары), Кытай Эл Республикасын (18,7 млн. АКШ доллары) жана Бириккен Араб Эмираттарын (17,5 млн. АКШ доллары) бөлүп көрсөтүүгө болот, булар чогуусу менен 2010-жылдагы алыскы чет өлкөлөргө ишке ашырылган экспорттун жалпы көлөмүнүн 47,2 пайызын түзөт. Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, туристтерди тейлөө чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр жана курулуш жагына кызмат көрсөтүүлөр бул өлкөлөргө экспорттун эң эле маанилүү статьяларынан болгон. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр импортунун географиялык түзүмүн экспорттун түзүмүнөн анчалык деле айрымалана бербейт. Бул жерде да, КМШ өлкөлөрүнө импорттун эң чоң үлүшү (594,9 млн. АКШ доллары) туура келгендигин белгилеп кетүү зарыл. Бул, Кыргыз Республикасына эл аралык кызмат көрсөтүүлөр импортунун жалпы көлөмүнүн 64,4 пайызын камтыйт.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Россия Федерациясына жана Казакстан Республикасына кызмат көрсөтүүлөр импортунун тиешелүүлүгүнө жараша, 232,4 жана 65,1 млн. доллар же болбосо, КМШ өлкөлөрүнүн импортунун жалпы көлөмүнүн 50,0 пайызы туура келген. Кызмат көрсөтүүлөрдүн түрү боюнча темир жол жана аба транспортунда эл ташууга жана жүк ташууга байланыштуу транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, финансылык кызмат көрсөтүүлөр, байланыш кызмат көрсөтүүлөрү жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр басымдуу абалды ээлеген.

Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кытай Эл Республикасы (22,6 млн. АКШ доллары), Германия Федеративдүү Республикасы (20,1 млн. АКШ доллары), Түркия (19,1 млн. АКШ доллары), Америка Кошмо Штаттары (15,4 млн. АКШ доллары), Швейцария (10,8 млн. АКШ доллары) жана Латвия (9,5 млн. АКШ доллары) сыяктуу өлкөлөр эң чоң көрсөткүчтөргө жетишкен, чогуу алгандагы 2010-жыл ичинде алыскы чет өлкөлөрдөн импорттун жалпы көлөмүнүн 29,6 пайызын түзгөн. Бул өлкөлөргө автомобиль жана аба транспорту аркылуу жүк ташуу жана элдерди жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр сунушталган.

**КИРЕШЕЛЕР**

2010-жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелер сальдосунун терс балансы 149,9 млн долларды түзгөн, бул 2009-жылдагы көрсөткүчтөн 18,6 пайызга аз. Ушул статьянын терс сальдосунун төмөндөшү тике сыяктуу эле "башка инвестициялар" статьялары боюнча төлөөгө каралган кирешелердин кыскарышы менен шартталган.

Отчеттук жыл ичинде "тике инвестициялар боюнча кирешелер" статьясынын терс сальдосу 22,4 пайызга төмөндөп, 93,1 млн АКШ долларын түзгөн. Ушул статьянын түзүмүндө дивиденддер жана бөлүштүрүлгөн пайда боюнча 41,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү агы-

лып кирүү байкалган. Ушуну менен катар эле, резидент эместердин Кыргызстандагы инвестициялык ишинен реинвестицияланган кирешелердин 11,6 пайызга төмөндөгөндүгү катталган.

Жеке сектор тарабынан мурда алынган кредиттер боюнча пайыздык төлөөлөрдү 60,4 пайызга азайуусу, "башка инвестициялар" статьясы боюнча кирешелердин терс сальдосунун 40,2 пайызга азайуусуна таасир эткен. Ушуну менен катары эле мамлекеттик сектордун тышкы милдетенмелери боюнча пайыздык төлөөлөрү 10,0 пайызга көбөйгөн (2.7-график. Кирешелер балансы)

2010-жылы "эмгекке төлөөлөр" статьясынын сальдосу, 32,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс чыгуу менен 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 19,4 пайызга көбөйгөн. Бул резидент эместердин Кыргызстандагы ишкердигинен алынган кирешелердин резидентердин чет өлкөлөрдө иш алып баруусунан алынган кирешелерден артышы менен шартталган. Бул жерде ошондой эле, чет өлкөлөрдөгү резиденттердин "эмгегине төлөөлөр" статьясы боюнча эсепке алуу толук жүргүзүлбөгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

**2.7-график. Кирешелер балансы**
*млн. АКШ доллары*




## ТРАНСФЕРТТЕР

Күндөлүк трансферттердин балансы 2010-жылы 1 391,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо калыптанган. Бул 2009-жылдагы көрсөткүчтөн 15,3 пайызга көп.

Отчеттук мезгил ичинде "мамлекеттик башкаруу секторуна" утурумдук трансферттердин таза агымы (төлөм теңдемин нейтралдуу негизде берүүдө) 78,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 59,9 пайызга төмөн. Ушул көрсөткүчтүн олуттуу төмөндөшү, эң оболу Россия Федерациясынын өкмөтүнөн 150,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө гранттык каражаттардын агылып кириши катталган базалык мезгилдин жогорку деңгээли менен шартталган. Бул грантты эске албаганда, 2010-жыл ичинде "мамлекеттик башкаруу секторуна" күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүүсү, 2009-жылдагыга салыштырганда 74,0 пайызга көбөйгөн. Мындай өсүш эң башкысы, мамлекеттик сектор тарабынан чет өлкө донорлорунан бюджетти колдоого алынган акчалай гранттардын эсебинен жүргөн.

Күндөлүк трасферттердин "башка секторлорго" таза агылып кирүүсү (төлөм теңдемин нейтралдуу негизде берүүдө) 29,7 пайызга көбөйүү менен 1 313,1 млн АКШ долларын түзгөн. Жалпы көлөмдө негизги үлүштү мурдагыдай эле, иштеп жаткандардын акчалай которуулары ээлеген. Отчеттук жылда алар боюнча таза агылып кирүү, 2009-жылдагыга салыштырганда 25,6 пайызга көбөйгөн.

Иштеп жаткандардын акчалай которууларын дүң агымында которуу системалары боюнча каражат которуулар эң чоң үлүштү ээлеген (90,8 пайызды). 2010-жыл ичинде акча которуу системалары боюнча таза агылып кирүү, 2009-жылдагыга салыштырганда 893,2 млн. доллардан 1 124,9 млн долларга чейин көбөйгөн.

Мында, бүтүндөй алганда акча которуунун географиялык түзүмү өзгөрүүсүз калган. Жыл жыйынтыгы боюнча акчалай которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (93,0 пайызы), АКШдан (3,3 пайызы) жана Казакстандан (2,8 пайызы) түзгөн. Ошондой эле, айрыкча Россия Федерациясына акча которуулардын агылып чыгуусу да байкалган (98,3 пайыз).

**2.8-график. Акчалай которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**
*ИДП пайыздары*




Акча которуулар сальдосу керектөө товарларынын таза экспорту 1,6 эсеге ашат, ал өз кезегинде 760,1 млн АКШ доллар өлчөмүндө тартыштыгы менен калыптанган.

# 3. КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

Отчеттук мезгил ичинде **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин** балансы (аналитикалык негизде берүүдө) 266,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо калыптанган, бул 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 62,7 пайызга төмөн (3.1-график. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби).

**3.1-график. Капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби**

*ИДПга карата пайыздарда*




Капитал менен операциялар эсебинин тартыштыгы 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 62,1 млн АКШ доллар өлчөмүндө калыптанган, бул 2009-жылдагы көрсөткүчтөн 4,4 эсеге көп. Чет өлкөлөрдө туруктуу жашап калуу үчүн көчүп кеткен мигранттардын капиталынын жылышына байланыштуу операциялар, ушул статьянын өзгөрүүсүнө олуттуу таасир эткен. Алсак, 2010-жыл ичинде "мигранттардын трансферттери" статьясы боюнча агылып чыгуулардын 71,3 пайызга көбөйүүсү жүргөн, бул нарктык эквивалентте 49,8 млн АКШ долларын түзөт.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча **финансылык эсептин** сальдосу 328,6 млн АКШ доллар өлчөмүндө оң калыптанып, 2009-жылга салыштырганда 55,0 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук жылы **тике чет өлкө инвестициялардан** түшүүлөрдүн өсүшү катталган. Мында, портфелдик ж.б. инвестициялар боюнча түшүүлөрдүн төмөндөөсү жүргөн.

Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агымы 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 233,6 млн АКШ долларына жетип, 2009-жылдагыга салыштырганда 23,2 пайызга көбөйгөн. Ушул инвестициялардын түзүмүндө "башка капиталга" агылып кирүүлөрдүн олуттуу көбөйгөндүгү белгиленген, ал 12,3 эсеге өсүп, 144,0 млн АКШ долларын түзгөн.

Тике чет өлкө инвестицияларынын географиялык түзүмүндө Кытай, Сейшель аралдары жана Россия сыяктуу өлкөлөрдөн инвестициялардын таза агымынын арткандыгы байкалган. Тике инвесторлордун көз карашынан алганда кайра иштетүү өнөр жайы жана кыймылсыз мүлккө байланыштуу операциялар, керектөөчүлөргө ижарага берүүлөр жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча операциялар экономикалык ишкердиктин инвестиция жумшалган эң эле алгылыктуу иш багытынан болгон.

2010-жылдын жыйынтыгына ылайык, портфелдик инвестициялар боюнча 103,2 млн. АКШ доллар деңгээлинде агылып кирүү катталган, бул 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 36,3 пайызга төмөн. Муну резидент эместердин биздин өлкөнүн резиденттеринин тескөөсүндө турган карыздык баалуу кагаздарынын кайтара сатылышына байланыштуу операциялардагы өзгөрүүлөр менен түшүндүрүүгө болот. Ошону менен катары эле, портфелдик инвестициялар боюнча маалыматтар 2007-жылдын экинчи чейрегинен тартып кайрадан каралып чыккандыгын, атап айтканда карыздык баалуу кагаздар боюнча маалыматтар кошулгандыгын белгилеп кетүү зарыл.

Отчеттук жылы **"башка инвестициялар"** статьясы боюнча сальдо 8,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс чыккан, ал эми 2009-жылы 378,1 млн. доллар чегиндеги анын оң сальдосу катталган эле, бул эң башкысы, Россия Федерациясынан 300,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү мамлекеттик кредиттин тартылышы менен шартталган.

Кыргызстандын резиденттеринин резидент эместер алдындагы дебитордук карызынын 86,0 млн. АКШ долларына өскөндүгүнө карабастан, нак акчалардын жана коммерциялык банктардын чет өлкөлөрдөгү депозиттеринин 201,1 млн. АКШ долларына азайуусу резиденттердин "башка инвестициялар" статьясы боюнча активдеринин 103,1 млн. долларга азаюусуна алып келген.

Резиденттердин "башка инвестициялар" статьясы боюнча тышкы дүйнө алдындагы милдеттенмелердин көлөмү отчеттук жылда 111,2 млн. АКШ долларга төмөндөгөн.

Өлкөнүн тышкы милдеттенмелери банк тутумунан 204,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө капиталдын агылып чыгуусу (2009-жыл ичинде 50,4 млн. долларга барабар өлчөмдөгү агылып кирүү катталган эле) жана кредиттердин таза агымынын көлөмүнүн 83,4 пайызга төмөндөшүнүн таасири астында калыптанган. Банк тутумунун 204,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү капиталдын агылып чыгышына тиешелүү, бул көрсөткүч өзүндө "АУБ" ААКсынын[1] көрсөткүчтөрүн да камтыган банк статистикасынын негизинде келип чыккандыгын белгилеп кетүү зарыл. "АУБ" ААКсынын операцияларын эске алабаганда, банк тутумунан 2010-жылдагы капиталдын агылып чыгуусу 32,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө катталган.

2010-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик секторго кредиттердин таза агымы 66,7 пайызга төмөндөп, 11,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Төмөндөө эң башкысы, тартылган кредиттердин көлөмүнүн 59.5 пайызга азайуусу менен шартталган. Бул жерде, жеке секторго кредиттер статьясы боюнча сальдо, 2009-жылдагы 120,8 млн. долларга барабар, анын оң маанисине салыштырганда, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 35,4 млн. доллар өлчөмүндө терс мааниде чыккандыгын белгилеп кетүү зарыл. Жеке секторду таза кредиттөөнүн кыскарышы, 2009-жылы жеке сектордун кредиттери боюнча маалыматтардын жалпы базасына, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин (МКК, МКА) чет өлкө кредиторлору/инвесторлору алдындагы карызы боюнча маалыматтар кошулгандыгына байланыштуу келип чыккан.

Резиденттердин кредитордук карыздары 2010-жылда 17,4 млн. долларга көбөйгөн, ал эми 2009-жылы 41,0 млн долларга барабар төмөндөөнүн жүргөндүгү катталган.

**"Каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясы 23,9 млн. АКШ доллары көлөмүндө терс сальдодо калыптанган, бул республикадан капиталдын агылып чыгуусуна байланыштуу операциялардын же товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун жетиштүү эсепке алынбай жатышын тастыктайт.

## ЭЛ АРАЛЫК КАМДАР

2010-жылдын акырына карата дүң эл аралык камдардын[2] көлөмү 1 718,9 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 8,2 пайызга жогору. товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун алтын валюта камдары менен ордунун жабылышы коэффициенти 4,2 айды түзгөн.

**3.2-график. Эл аралык камдар**




[1] "АУБ" ААКсынын балансы туура эмес деп таанылган.

[2] Чегерилген пайыздарды эске албаганда.

# 4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ

Номиналдык тышкы карыздын жалпы көлөмү (алынган жана орду жабылбаган) 2010-жылдын акырына карата 3 193,6 млн. АКШ доллары деңгээлине жеткен (өсүш 2,6 пайыз чегинде катталган), алардын ичинен:

– мамлекеттик тышкы карыз – 2 645,3 млн. бул чогуу алгандагы карыздын 82,8 пайызын түзөт (анын ичинде ЭВФтин кредиттери боюнча карыз – 176,2 млн. дол);
– жеке сектордун карызы – 548,3 млн. доллар (чогуу алгандагы карыздын 17,2 пайызы).

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 1-январына карата мамлекеттик тышкы карызынын түзүмү расмий кредиторлор – көп тараптуу жана эки тараптуу донорлор алдындагы милдетенмелерди чагылдырат, алардын үлүшүнө милдеттенмелердин жалпы суммасынын, тиешелүүлүгүнө жараша 46,6 пайызы жана 36,3 пайызы туура келет. Жеке сектордун мамлекет тарабынан гарантияланбаган жана мамлекеттик тышкы карызда камтылбаган кредиттери 17,2 пайызды түзөт.

Тышкы карыздын карыз алуу булактары боюнча түзүмү 4.1-графикте чагылдырылган.

**4.1-график. Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 1-январына карата каржылоо булактары боюнча тышкы карызы**

*жалпы тышкы карыздардан пайыздарда*




## МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ

Көп тараптуу кредиторлор алдындагы мамлекеттик тышкы карыздын номиналдык көлөмү 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 3,9 млн. АКШ долларына азайып, 1486,9 млн. долларды түзгөн. Топтун, салыштыруу үчүн алынган жылдагыга караганда салыштырма салмагы, 46,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

Үлүшүнө жалпы тышкы карыздын 20,3 пайызы туура келген – Дүйнөлүк банк, 18,5 пайызы туура келген – Азия өнүктүрүү банкы, 5,5 пайызы туура келген – Эл аралык валюта фондусу, 1,5 пайызы туура келген – Ислам өнүктүрүү банкы сыяктуу эл аралык финансылык институттар жана үлүшүнө 0,7 пайыз туура келген башка финансылык институттар Кыргыз Республикасынын көп тараптуу кредиторлорунан болуп эсептелет.

**4.2-график. Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 1-январына карата көп тараптуу карызы**

*жалпы тышкы карыздардан пайыздарда*




Эки тараптуу кредиторлор алдындагы тышкы карыздын номиналдык көлөмү отчеттук жылда 146,7 млн. АКШ долларына көбөйүп, 1 158,4 млн. долларды түзгөн, алардын ичинен:

– Париж Клубунун мүчөлөрү алдында – 927,0 млн. АКШ доллары;
– Париж Клубунун мүчөсү болбогондордун алдында – 231,5 млн. АКШ доллары.

Республиканын эки тараптуу карызы негизинен, экономиканын ар кайсы секторлорун КМШ өлкөлөрү жана алыскы чет өлкөлөр тарабынан каржылоого алынышынын натыйжасында келип чыккан. Кыргыз Республикасынын негизги эки тараптуу кредиторунан болуп, Россия жана Япония саналат (милдеттенмелердин жалпы суммасынын, тиешелүүлүгүнө жараша

15,8 пайызы жана 10,8 пайызы). КМШ өлкөлөрүнүн кийинчерээк мамлекеттик кредитке кайра таризделинген техникалык кредиттеринин ичинен Россия Федерациясы алдында карыздын орду жабылбай келет.

**4.3-график. Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 1-январына карата эки тараптуу карызы**
*жалпы тышкы карыздардан пайыздарда*




Эки тараптуу жана көп тараптуу кредиторлордун кредиттери негизинен, экономиканы структуралык жактан кайра өзгөртүп түзүү, айыл чарбасын өнүктүрүү, социалдык жактан коргоого алуу, транспорт жана коммуникация, инфраструктураны реабилитациялоо, финансы системасына колдоо көрсөтүп, аны өнүктүрүү, орто жана чакан бизнести өнүктүрүү программаларын каржылоого багытталган.

Алынган кредиттердин финансылык шарттарына анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде, Кыргызстандын карызы негизинен, жеңилдетилген займдардан турарын[1] белгилеп кетүүгө болот.

2010-жылдын 31-декабрына карата Кыргызстандын тышкы карызынын түзүмүндө жеңилдетилген займдардын үлүшү басымдуулук кылган, алардын көлөмү тышкы карыздын жалпы көлөмүнүн 61,4 пайызын, ал эми жеңилдетилбеген карыздардын үлүшү 38,6 пайыз чегинде катталган.

**4.4-график. Кыргыз Республикасынын карыз алуу шарттары боюнча 2011-жылдын 1-январына карата тышкы карызынын түзүмү**
*жалпы тышкы карыздардан пайыздарда*




Жеңилдетилген шарттардагы (пайыздык чендери төмөн жана узак мөөнөт ичинде төлөнүүчү) кредиттерди Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы, Эл аралык валюта фондусу жана Япония сыяктуу кредиторлор сунуштаган.

Ал эми Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы, ошондой эле Кытай, кредиттерди жеңилдетилбеген шарттарда беришкен.

2010-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасын төмөнкүдөй негизги карыздык көрсөткүчтөр мүнөздөп турат:

- номиналдык жалпы тышкы карыз/ИДӨ – 69,4 пайыз.
- номиналдык жалпы тышкы карыз /товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту – 129,0 пайыз.
- номиналдык МТК/ИДӨ – 57,5 пайыз.
- номиналдык МТК/товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту – 106,9 пайыз.

**4.5-график. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын коэффициенти**
*пайыздарда*




[1] Кыргыз Республикасы үчүн карыздын жеңилдетилиши кредитти берүүнүн мөөнөттөрүнө, колдонулуучу пайыздык ченге жараша болот жана кеминде 35% түзүүгө тийиш болгон грант-элементти эсептөөдөн улам аныкталат.

## ЖЕКЕ ТЫШКЫ КАРЫЗ

2010-жылы мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке тышкы карыз (резидент эместер алдындагы) отчеттук жылы 548,3 млн. долларды түзгөн. Жеке тышкы карыздын түзүмүн тике жана башка чет өлкө инвесторлордон алынган кредиттер түзөт, алардын көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша, 60,6 жана 39,4 пайыз чегинде катталган.

Бул жерде, жеке тышкы карыздын абсалюттук сыяктуу эле, салыштырмалуу өлчөмдөрүнүн өзгөрүүсү 2009-жылдан тартып банктык эмес финансы-кредит мекемелери боюнча маалыматтарды корректировкалоонун эсебинен жүргөн, б.а. кредиттер боюнча жалпы маалымат базасына МФК, МКК, МКАлардын чет өлкө кредиторлору алдындагы карыздары боюнча маалыматтар да кошулган.

Отчеттук жылда жеке секторго сырттан кредиттик каражаттардын түшүүсү 133,2 млн. доллар чегинде катталган, бул 2009-жылдагы мааниден 3,4 эсеге аз. Дүйнөнүн 26 өлкөсүнөн кредиттик каражаттар тартылган, алардын ичинен эң эле активдүү кредитор өлкөлөрдөн болуп 15,9 млн. АКШ долларын сунуштаган - Улуубритания, Кытай – 24,0 млн. АКШ доллары, Сейшель аралдары – 37,6 млн. доллары жана Россия – 39,4 млн. доллар сунуштаган. Тике инвесторлордун көз карашынан алганда, кайра иштетүү өнөр жайы жана кыймылсыз мүлккө байланыштуу операциялар, ижара жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо багыттары экономикалык ишкердиктин инвестиция жумшоого боло турган багыттарынан болгон. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агымы, тиешелүүлүгүнө жараша 38,0 жана 73,4 млн. долларды түзгөн.

Жеке сектордун тышкы карызын тейлөө боюнча төлөмдөр отчеттук мезгил ичинде 144,4 млн. доллар чегинде катталган.

## 4.1-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир мезгилдин акырына карата ДТК *(млн. АКШ доллары)* | 2 748,9 | 3 175,3 | 3 538,2 | 3 937,0 | 3 912,2 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(млн. АКШ доллары)* | 2 264,0 | 2 551,3 | 2 569,1 | 3 114,1 | 3 193,6 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК ИДӨга карата *(пайыздар)* | 79,4 | 66,7 | 50,0 | 66,8 | 69,4 [1] |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата *(пайыздар)* | 176,2 | 126,1 | 92,7 | 121,9 | 129,0 [2] |
| ЖТК боюнча төлөм графиги *(млн. АКШ доллары)* [3] | 102,6 | 197,1 | 343,0 | 693,1 | 226,3 |
| ЖТКны иш жүзүндө тейлөө *(млн. АКШ доллары)* | 93,1 | 186,1 | 333,8 | 663,7 | 229,5 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата *(пайыздар)* | | | | | |
| - график боюнча | 8,0 | 9,7 | 12,4 | 27,1 | 9,1 |
| - иш жүзүндө | 7,2 | 9,2 | 12,0 | 26,0 | 9,3 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК[4] *(млн. АКШ долл.)* | 1 976,9 | 2 079,5 | 2 083,8 | 2 502,9 | 2 645,3 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(ИПД пайыздар м-н)* | 69,4 | 54,3 | 40,6 | 53,7 | 57,5 [1] |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(экспортко карата пайыздар м-н)* [2] | 153,9 | 102,8 | 75,2 | 98,0 | 106,9 [2] |
| МТК боюнча төлөөлөрдүн графиги[3] *( млн. АКШ долл.)* | 69,3 | 69,1 | 80,2 | 85,2 | 91,4 |
| МТКнын анык тейлениши[3] *(экспортко пайыздар м-н)* | 62,7 | 66,3 | 76,8 | 77,5 | 85,0 |
| МТКнын тейлөө коэффициенти *(экспортко пайыздар м-н)* | | | | | |
| - график боюнча | 5,4 | 3,4 | 2,9 | 3,3 | 3,7 |
| - иш жүзүндө тейленгени | 4,9 | 3,3 | 2,8 | 3,0 | 3,4 |

[1] ЭВФтеги камдык позицияны кошо алганда
[2] Дүнүнөн алгандагы эл аралык камдардын ликвиддүү бөлүгү
[1] алдын-ала жылдык ИДПга карата
[2] товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн алдын-ала жылдык экспортуна карата
[3] негизги суммаларга жана пайыздарга тиешелүү төлөмдөрдү камтыйт

## 4.2-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү

***(бир мезгилдин акырына карата абал боюнча)***

| | 2006 | | 2007 | | 2008 | | 2009 | | 2010 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* | *млн. АКШ долл.* | *жый. карата пайыз-да* |
| **Жалпы тышкы карыз (I+II)** | **2 264,0** | **100,0** | **2 551,3** | **100,0** | **2 569,1** | **100,0** | **3 114,1** | **100,0** | **3 193,6** | **100,0** |
| **I. Мамлекеттик ж-а мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | **1 976,9** | **87,3** | **2 079,5** | **81,5** | **2 083,8** | **81,1** | **2 502,9** | **80,4** | **2 645,3** | **82,8** |
| **I.1 Көп тараптуу карыз1** | 1 378,5 | 60,9 | 1 461,7 | 57,3 | 1 462,1 | 56,9 | 1 490,8 | 47,9 | 1 486,9 | 46,6 |
| ЭВФ | 163,1 | 7,2 | 149,8 | 5,9 | 164,5 | 6,4 | 167,1 | 5,4 | 176,2 | 5,5 |
| Дүйнөлүк банк | 612,8 | 27,1 | 656,5 | 25,7 | 648,2 | 25,2 | 656,0 | 21,1 | 649,2 | 20,3 |
| Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы | 16,6 | 0,7 | 10,4 | 0,4 | 6,0 | 0,2 | 2,1 | 0,1 | 5,3 | 0,2 |
| Азия Өнүктүрүү Банкы | 532,2 | 23,5 | 586,2 | 23,0 | 586,7 | 22,8 | 610,1 | 19,6 | 590,7 | 18,5 |
| Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Ислам банкы | 31,5 | 1,4 | 36,3 | 1,4 | 35,2 | 1,4 | 34,9 | 1,1 | 46,6 | 1,5 |
| Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн Эл аралык фонду | 10,0 | 0,4 | 10,3 | 0,4 | 10,3 | 0,4 | 10,1 | 0,3 | 9,6 | 0,3 |
| ОПЕК | 5,6 | 0,2 | 4,9 | 0,2 | 4,2 | 0,2 | 3,5 | 0,1 | 2,7 | 0,1 |
| Өнүгүүнүн Түндүк Фонду | 6,7 | 0,3 | 7,4 | 0,3 | 6,8 | 0,3 | 6,9 | 0,2 | 6,6 | 0,2 |
| **I.2 Эки тараптуу карыз** | 596,0 | 26,3 | 616,1 | 24,1 | 620,7 | 24,2 | 1 011,8 | 32,5 | 1 158,4 | 36,3 |
| **I.2.1 КМШ өлкөлөрү** | 200,0 | 8,8 | 200,1 | 7,8 | 196,4 | 7,6 | 493,6 | 15,8 | 505,1 | 15,8 |
| Россия[2] | 188,9 | 8,3 | 191,5 | 7,5 | 193,6 | 7,5 | 493,6 | 15,8 | 505,1 | 15,8 |
| Өзбекстан | 11,1 | 0,5 | 8,6 | 0,3 | 2,9 | 0,1 | — | — | — | — |
| **I.2.2 Башка өлкөлөр** | 396,1 | 17,5 | 416,0 | 16,3 | 424,3 | 16,5 | 518,2 | 16,6 | 653,3 | 20,5 |
| Түркия | 48,4 | 2,1 | 49,3 | 1,9 | 50,1 | 1,9 | 49,8 | 1,6 | 49,5 | 1,6 |
| Япония[2] | 230,5 | 10,2 | 242,8 | 9,5 | 251,2 | 9,8 | 302,5 | 9,7 | 344,8 | 10,8 |
| Германия[2] | 58,8 | 2,6 | 69,6 | 2,7 | 74,3 | 2,9 | 76,8 | 2,5 | 67,9 | 2,1 |
| Кытай | 14,4 | 0,6 | 8,6 | 0,3 | 9,1 | 0,4 | 46,8 | 1,5 | 150,8 | 4,7 |
| Франция[2] | 5,7 | 0,3 | 6,5 | 0,3 | 6,2 | 0,2 | 6,4 | 0,2 | 5,9 | 0,2 |
| Кувейт фонду | 15,8 | 0,7 | 16,8 | 0,7 | 16,6 | 0,6 | 17,9 | 0,6 | 16,1 | 0,5 |
| Индия | 1,0 | — | 1,0 | — | — | — | — | — | — | — |
| Корея | 18,4 | 0,8 | 18,2 | 0,7 | 13,6 | 0,5 | 14,6 | 0,5 | 15,0 | 0,5 |
| Дания[2] | 3,0 | 0,1 | 3,2 | 0,1 | 3,3 | 0,1 | 3,4 | 0,1 | 3,3 | 0,1 |
| **I.3 Мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | 2,4 | 0,1 | 1,7 | 0,1 | 1,0 | — | 0,3 | — | 0,0 | — |
| **II. Гарантияланбаган карыз** | **287,0** | **12,7** | **471,8** | **18,5** | **485,4** | **18,9** | **611,2** | **19,6** | **548,3** | **17,2** |

[1] эл аралык финансы институттарын кошо алганда, көп тараптуу негизде иш алып баруучу кредиторлор

[2] Париж Клубуна катышуучу өлкөлөр

# 5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРАЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОЗИЦИЯСЫ

Өлкөнүн тышкы дүйнө алдындагы милдеттенмелеринин колдо болгон чет өлкө активдеринен артып турушу, 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын терс, анык эл аралык инвестициялык позициясын түптөгөн, ал 1 671,5 млн. долларын түзүү менен 2009-жылдагы көрсөткүчтөн 1,9 пайызга жогору болгон.

Камдык активдердин калдыгынын (запасынын) 2010-жылдын 1-январына карата алынган көрсөткүчкө салыштырганда 8,2 пайызга көбөйүүсүнө карабастан, чет өлкөлөргө портфелдик жана башка инвестициялардын ошол убакыт ичиндеги запастарынын, тиешелүүлүгүнө жараша 33,4 жана 15,6 пайызга төмөндөөсү Кыргыз Республикасынын тышкы финансылык активдеринин азайуусуна басымдуу таасир эткен. Ошентип, Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 1-январына карата тышкы финансылык активдеринин көлөмү 2 745,6 млн. долларды түзүү менен 2010-жылдын 1-январына карата абал боюнча алардын деңгээлине салыштырганда 4,7 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук жылы камдык активдердин запасы, эң башкысы чет өлкө валюталары жана атайы карыз алышуу укугундагы активдердин, ошондой эле монетардык алтындын көбөйүүсүнүн эсебинен 130,7 млн. долларга арткан.

Бул жерде ошондой эле, монетардык алтындын көбөйүүсү, анын баасынын өсүшүнүн эсебинен жүргөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Соодалык кредиттердин запасынын 16,6 пайызга көбөйүүсүнө карабастан, нак акчалардын жана депозиттердин запасынын 35,7 пайызга кыйла олуттуу төмөндөөсүн "жана башка инвестициялар" статьясы боюнча запастын 15,6 пайызга же 784,5 млн. долларга чейин азайуусу шарттаган.

Мындан тышкары, портфелдик инвестициялар боюнча калдыктарда 3,4 пайызга азайуу жүргөн, буга резидент эместердин биздин өлкөнүн резиденттеринин тескөөсүндө турган карыздык баалуу кагаздарынын 26,3 пайызга кыскарышы түрткү берген.

Тышкы финансылык милдеттенмелердин көлөмү 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 4 417,1 млн. долларды түзгөн. 2010-жыл ичиндеги өзгөрүүлөр азайуу жагына ыктоо менен 2,3 пайыз чегинде катталган. Тышкы финансылык милдеттенмелердин калдыгы айрыкча, резидент эместердин тике ж.б. инвестицияларынын азайышынын эсебинен өзгөргөн.

Тике инвестицялар статьясы боюнча запас азайуу жагына бет алып, 3,0 пайызга өзгөрүп, 2011-жылдын 1-январына карата 973,7 млн. долларды түзгөн.

Резидент эместердин башка инвестицияларынын запасы 2011-жылдын 1-январына карата 3 438,6 млн. доллар чегинде катталган, бул отчеттук жылдын 1-январына карата алынган алардын деңгээлинен 1,7 пайызга төмөн. Мурдагыдай эле, башка инвестициялар боюнча милдеттенмелер түзүмүндө эң чоң үлүштү мамлекеттик башкаруу сектору тарабынан алынган кредиттер ээлейт. Ушул статья боюнча отчетко жыл ичинде кредиттердин таза агымы 11,8 млн. долларды түзгөн.

"Кредиттер" статьясы боюнча запастын көбөйүүсүнө карабастан, "нак акчалар жана депозиттер" боюнча милдеттенмелерге тиешелүү запастардын 75,4 пайызга төмөндөшү бүтүндөй "башка инвестициялар" боюнча запастын төмөндөшүнө түрткү берген.

**5.1-график. ЭИСнын динамикасы**

*млн. АКШ доллары, жылдын акырына карата*



**5.1-таблица. 2010-жылдын 1-январына жана 2011-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы**
***(млн. АКШ долларында)***

| | *01.01.10 карата калдык* | *Жүргүзүлгөн операция-лардан улам өзгөрүүлөр* | *Баалардын өзгөрүүсү* | *Курстардын өзгөрүүсү* | *Башка өзгөрүүлөр* | *01.01.11. карата калдык* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* |
| **А. Активдер** | **2 882,3** | **-108,5** | **21,2** | **-49,7** | **0,2** | **2 745,6** |
| Чет өлкөгө тике инвестициялар | 1,0 | — | 0,1 | — | 0,2 | 1,3 |
| Портфелдик инвестициялар | 367,3 | -117,7 | -4,8 | — | — | 244,8 |
| Акционердик капиталга | -10,9 | -22,9 | — | — | — | -33,9 |
| Карыздык баалуу кагаздар | 378,3 | -94,8 | -4,8 | — | — | 278,7 |
| Финансы деривативдери | — | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 929,6 | -103,1 | — | -42,0 | — | 784,5 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 548,6 | -190,3 | — | -5,6 | — | 352,7 |
| Кредиттер | 10,8 | 1,2 | — | -11,1 | — | 1,0 |
| АКЖО (ОДКР) | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Банктар | 10,8 | 1,2 | — | -11,1 | — | 1,0 |
| Башка секторлор | — | — | — | — | — | — |
| Соодалык кредиттер | 366,3 | 86,0 | — | -25,4 | — | 426,9 |
| Башка активдер | 3,9 | — | — | — | — | 3,9 |
| Камдык активдер | 1 584,3 | 112,3 | 26,0 | -7,6 | — | 1 715,0 |
| Монетардык алтын | 90,8 | — | 26,0 | — | — | 116,8 |
| АКУ (СПЗ) | 165,5 | 9,1 | — | -4,4 | — | 170,2 |
| ЭВФтеги камдык позиция | — | — | — | — | — | — |
| Чет өлкө валютасы | 1 328,0 | 103,2 | — | -3,2 | — | 1 428,0 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 841,4 | 264,3 | — | -8,2 | 0,2 | 1 097,7 |
| Чет өлкө баалуу кагаздары | 486,6 | -161,1 | — | 5,0 | -0,2 | 330,3 |
| **Б. Милдеттенмелер** | **4 522,5** | **116,9** | **-0,8** | **42,7** | **-264,2** | **4 417,1** |
| Кыргыз Республикасына тике инвестициялар | 1 003,8 | 233,6 | — | -9,0 | -254,6 | 973,7 |
| Портфелдик инвестициялар | 20,1 | -14,5 | -0,8 | — | — | 4,8 |
| Акционердик капиталга | 20,1 | -14,5 | -0,8 | — | — | 4,8 |
| Карыздык баалуу кагаздар | — | — | — | — | — | — |
| Финансы деривативдери | — | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 3 498,7 | -102,1 | — | 51,7 | -9,6 | 3 438,6 |
| Накталай акчалар ж-а депозиттер | 308,8 | -202,5 | — | -30,5 | — | 75,8 |
| Кредиттер | 2 729,9 | 82,9 | — | 91,8 | — | 2 904,6 |
| АКЖО (ОДКР) | 167,1 | 9,1 | — | — | — | 176,2 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 2 335,8 | 110,8 | — | 22,6 | — | 2 469,1 |
| Банктар | 30,6 | -1,5 | — | 25,6 | — | 54,7 |
| Башка секторлор | 196,4 | -35,4 | — | 43,6 | — | 204,6 |
| Соодалык кредиттер | 327,8 | 17,4 | — | -9,6 | -9,6 | 326,0 |
| Башка милдеттенмелер* | 132,2 | — | — | — | — | 132,2 |
| **В. Эл аралык таза инвестициялык позиция (А-Б)** | **-1 640,2** | **-225,3** | **22,0** | **-92,4** | **264,5** | **-1 671,5** |

* өлкөлөрдүн төлөм теңдемине колдоо көрсөтүү үчүн ЭВФ мүчөлөрүнөн болгон өлкөлөр арасында АКУну бөлүштүрүүнү камтыйт, анын аркасында Кыргыз Республикасынын милдеттенмелери 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде 132,2 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

** 2010-жылдын 4-чейреги үчүн УСКнын алдын ала алынган маалыматтары.

## 5.2-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин 2006-жылдан 2010-жылга чейинки динамикасы

*(млн. АКШ долларында)*

| | *01.01.07. карата калдык* | *01.01.08. карата калдык* | *01.01.09. карата калдык* | *01.01.10. карата калдык* | *01.01.11. карата калдык* |
|---|---|---|---|---|---|
| **А. Активдер** | **1270,3** | **1864,6** | **2427,9** | **2882,3** | **2745,6** |
| Чет өлкөгө тике инвестициялар** | 3,4 | 1,2 | 1,3 | 1,0 | 1,3 |
| Портфелдик инвестициялар** | 19,3 | 235,9 | 436,4 | 367,3 | 244,8 |
| Акционердик капиталга | — | 17,1 | -3,9 | -10,9 | -33,9 |
| Карыздык баалуу кагаздар | 19,3 | 218,8 | 440,4 | 378,3 | 278,7 |
| Финансы деривативдери | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 433,3 | 433,8 | 767,8 | 929,6 | 784,5 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 236,0 | 208,8 | 334,3 | 548,6 | 352,7 |
| Кредиттер | 17,4 | 20,6 | 13,5 | 10,8 | 1,0 |
| АКЖО (ОДКР) | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 0,3 | — | — | — | — |
| Банктар | 17,1 | 20,6 | 13,5 | 10,8 | 1,0 |
| Башка секторлор | — | — | — | — | — |
| Соодалык кредиттер** | 177,0 | 221,5 | 417,8 | 366,3 | 426,9 |
| Жана башка активдер | 2,9 | -17,1 | 2,2 | 3,9 | 3,9 |
| Камдык активдер | 814,3 | 1193,7 | 1222,4 | 1584,3 | 1715,0 |
| Монетардык алтын | 52,8 | 69,5 | 71,9 | 90,8 | 116,8 |
| АКУ (СДР) (СПЗ) | 33,3 | 13,7 | 55,2 | 165,5 | 170,2 |
| ЭВФтеги камдык позиция | — | — | — | — | — |
| Чет өлкө валютасы | 728,2 | 1110,5 | 1095,4 | 1328,0 | 1428,0 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 518,4 | 745,4 | 531,3 | 841,4 | 1097,7 |
| Чет өлкө баалуу кагаздары | 209,7 | 365,1 | 564,0 | 486,6 | 330,3 |
| **Б. Милдеттенмелер** | **3062,6** | **3506,9** | **3910,9** | **4522,5** | **4417,1** |
| Кыргыз Республикасына тике инвестициялар** | 619,8 | 818,5 | 1062,5 | 1003,8 | 973,7 |
| Портфелдик инвестициялар** | 6,6 | 8,7 | 21,2 | 20,1 | 4,8 |
| Акционердик капиталга | 6,6 | 8,7 | 21,2 | 20,1 | 4,8 |
| Карыздык баалуу кагаздар | — | — | — | — | — |
| Финансы деривативдери | — | — | — | — | — |
| Жана башка инвестициялар | 2436,1 | 2679,7 | 2827,2 | 3498,7 | 3438,6 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 119,6 | 204,5 | 249,7 | 308,8 | 75,8 |
| Кредиттер | 2033,4 | 2148,8 | 2172,4 | 2729,9 | 2904,6 |
| АКЖО (ОДКР) | 163,1 | 149,8 | 164,5 | 167,1 | 176,2 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 1813,9 | 1929,7 | 1919,2 | 2335,8 | 2469,1 |
| Банктар | 18,0 | 22,1 | 33,6 | 30,6 | 54,7 |
| Башка секторлор | 38,4 | 47,2 | 55,0 | 196,4 | 204,6 |
| Соодалык кредиттер | 283,2 | 326,4 | 405,1 | 327,8 | 326,0 |
| Башка милдеттенмелер | — | — | — | 132,2 | 132,2 |
| **С. Таза эл аралык инвестициялык позиция (А-Б)** | **-1792,3** | **-1642,3** | **-1482,9** | **-1640,2** | **-1671,5** |

* өлкөлөрдүн төлөм теңдемине колдоо көрсөтүү үчүн ЭВФ мүчөлөрүнөн болгон өлкөлөр арасында АКУну бөлүштүрүүнү камтыйт, анын аркасында Кыргыз Республикасынын милдеттенмелери 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде 132,2 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

** 2010-жылдын 4-чейреги үчүн УСКнын алдын ала алынган маалыматтары.

# I тиркеме: Таблицалар жана графиктер

## I.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу формасы)

*(млн. АКШ долларында)*

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-263,1** | **-225,9** | **-703,4** | **-105,9** | **-188,0** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -967,4 | -1195,5 | -1975,9 | -1128,8 | -1429,4 |
| Товарлар* | -886,5 | -1275,8 | -1879,2 | -1119,8 | -1198,3 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | 906,0 | 1337,8 | 1874,4 | 1693,8 | 1782,6 |
| экспорт | 604,8 | 927,1 | 1172,9 | 934,9 | 842,9 |
| порттордон алынган товарлар | — | — | — | — | — |
| монетардык эмес алтын | 206,0 | 224,7 | 463,5 | 529,5 | 668,3 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | 95,2 | 186,0 | 238,0 | 229,5 | 271,4 |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | -1792,4 | -2613,6 | -3753,5 | -2813,6 | -2980,9 |
| импорт (СИФ) | -1715,8 | -2408,6 | -4056,2 | -3032,9 | -3220,7 |
| нарк боюнча оңдоолор | 138,7 | 179,9 | 318,9 | 226,6 | 242,1 |
| порттордон алынган товарлар | -2,4 | -8,4 | -16,3 | -7,3 | -2,4 |
| камтуу чөйрөсүнө оңдоолор | -212,9 | -376,5 | — | — | — |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -81,0 | 80,3 | -96,8 | -9,1 | -231,1 |
| экспорт | 378,7 | 684,8 | 896,1 | 859,8 | 693,1 |
| импорт | -459,7 | -604,5 | -992,9 | -868,9 | -924,2 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | -121,4 | -197,8 | -342,4 | -277,5 | -266,6 |
| экспорт | 56,6 | 139,3 | 146,4 | 134,9 | 150,4 |
| импорт | -178,0 | -337,1 | -488,7 | -412,5 | -417,0 |
| Темир жол транспорту | -89,1 | -177,7 | -283,5 | -242,8 | -242,8 |
| экспорт | 20,1 | 34,4 | 46,0 | 35,0 | 37,9 |
| импорт | -109,2 | -212,2 | -329,5 | -277,8 | -280,6 |
| Аба транспорту | -0,9 | 12,6 | 5,6 | 16,4 | 27,4 |
| экспорт | 32,2 | 92,5 | 92,8 | 95,5 | 107,4 |
| импорт | -33,0 | -79,9 | -87,3 | -79,2 | -80,1 |
| Автомобиль транспорту | -26,3 | -20,5 | -33,2 | -27,8 | -36,4 |
| экспорт | 1,7 | 2,9 | 2,2 | 2,2 | 3,7 |
| импорт | -28,0 | -23,5 | -35,5 | -29,9 | -40,1 |
| Транспорттун башка түрлөрү | -5,2 | -12,1 | -31,2 | -23,3 | -14,8 |
| экспорт | 2,6 | 9,5 | 5,3 | 2,2 | 1,4 |
| импорт | -7,8 | -21,6 | -36,5 | -25,6 | -16,2 |
| Кыдыруулар | 75,3 | 233,6 | 210,1 | 191,9 | 12,5 |
| экспорт | 167,0 | 346,0 | 514,5 | 458,8 | 283,6 |
| импорт | -91,6 | -112,4 | -304,4 | -266,9 | -271,1 |
| Ишкер кыдыруулар | 23,2 | 89,2 | 59,9 | 55,8 | -21,7 |
| экспорт | 71,8 | 148,8 | 221,2 | 197,3 | 122,0 |
| импорт | -48,6 | -59,6 | -161,3 | -141,4 | -143,7 |
| Жеке кыдыруулар | 52,1 | 144,4 | 150,2 | 136,1 | 34,2 |
| экспорт | 95,2 | 197,2 | 293,3 | 261,5 | 161,7 |
| импорт | -43,1 | -52,8 | -143,1 | -125,4 | -127,4 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 4,2 | 4,6 | 3,9 | 0,1 | 7,1 |
| экспорт | 10,1 | 12,0 | 16,4 | 9,3 | 19,9 |
| импорт | -5,9 | -7,4 | -12,6 | -9,2 | -12,8 |
| Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр | 16,4 | 5,0 | 10,4 | 0,5 | 21,0 |
| экспорт | 19,7 | 16,8 | 20,8 | 18,8 | 32,8 |
| импорт | -3,3 | -11,8 | -10,5 | -18,3 | -11,9 |
| Камсыздандыруу жагынан кызмат көрсөтүүлөр | -16,9 | -4,4 | -2,5 | -8,4 | -7,4 |
| экспорт | 1,4 | 5,0 | 8,3 | 3,6 | 6,7 |
| импорт | -18,3 | -9,4 | -10,8 | -12,0 | -14,1 |
| Экскурсиялык бюро кызматы | — | — | — | 0,1 | — |
| экспорт | — | — | — | 0,1 | — |
| импорт | — | — | — | — | — |

* Улуттук банктын жана УСК баа берүүлөрүн эске алуу менен

| 2009 | | | | 2010 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| **-181,4** | **157,1** | **-32,8** | **-48,8** | **-84,2** | **12,7** | **-54,8** | **-61,8** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -316,7 | -237,6 | -307,0 | -267,6 | -167,7 | -272,4 | -528,6 | -460,7 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -308,1 | -277,2 | -301,1 | -233,4 | -152,4 | -208,1 | -430,7 | -407,1 | Товарлар* |
| 283,5 | 375,4 | 433,1 | 601,9 | 466,9 | 408,3 | 333,5 | 574,0 | Товарлардын экспорту (ФОБ) |
| 164,9 | 247,7 | 243,0 | 279,2 | 185,5 | 231,6 | 202,3 | 223,5 | экспорт |
| — | — | — | — | — | — | — | — | порттордон алынган товарлар |
| 75,7 | 85,9 | 122,4 | 245,5 | 239,8 | 121,4 | 75,8 | 231,2 | монетардык эмес алтын |
| 42,9 | 41,7 | 67,7 | 77,2 | 41,5 | 55,2 | 55,4 | 119,3 | камтуу чөйрөсүнө оңдоолор |
| — | — | — | — | — | — | — | — | кайра иштетүү үчүн товарлар |
| -591,5 | -652,6 | -734,2 | -835,3 | -619,3 | -616,4 | -764,2 | -981,1 | Товарлардын импорту (ФОБ) |
| -637,5 | -704,2 | -791,8 | -899,4 | -669,2 | -665,0 | -827,3 | -1059,2 | импорт (СИФ) |
| 47,6 | 53,2 | 59,7 | 66,1 | 51,3 | 49,6 | 63,1 | 78,2 | нарк боюнча оңдоолор |
| -1,6 | -1,6 | -2,2 | -2,0 | -1,3 | -1,0 | — | — | порттордон алынган товарлар |
| — | — | — | — | — | — | — | — | камтуу чөйрөсүнө оңдоолор |
| — | — | — | — | — | — | — | — | кайра иштетүү үчүн товарлар |
| -8,7 | 39,6 | -5,9 | -34,2 | -15,3 | -64,3 | -97,9 | -53,6 | Кызмат көрсөтүүлөр |
| 179,2 | 239,8 | 215,6 | 225,3 | 189,9 | 131,5 | 176,4 | 195,4 | экспорт |
| -187,8 | -200,1 | -221,5 | -259,5 | -205,2 | -195,8 | -274,3 | -249,0 | импорт |
| -59,7 | -66,6 | -70,4 | -80,9 | -55,8 | -54,4 | -75,6 | -80,8 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр |
| 29,0 | 32,7 | 35,4 | 37,9 | 32,1 | 34,0 | 38,3 | 45,9 | экспорт |
| -88,7 | -99,3 | -105,8 | -118,7 | -88,0 | -88,4 | -113,9 | -126,7 | импорт |
| -49,5 | -55,1 | -65,1 | -73,1 | -52,0 | -51,8 | -64,3 | -74,6 | Темир жол транспорту |
| 7,3 | 10,0 | 8,6 | 9,0 | 8,0 | 8,5 | 11,3 | 10,1 | экспорт |
| -56,8 | -65,2 | -73,8 | -82,1 | -60,1 | -60,3 | -75,6 | -84,7 | импорт |
| 0,4 | 3,1 | 7,4 | 5,5 | 6,6 | 8,3 | 4,1 | 8,3 | Аба транспорту |
| 20,2 | 21,7 | 25,6 | 28,0 | 23,5 | 24,9 | 25,8 | 33,3 | экспорт |
| -19,8 | -18,6 | -18,3 | -22,5 | -16,8 | -16,6 | -21,6 | -25,0 | импорт |
| -5,8 | -6,6 | -7,2 | -8,2 | -6,9 | -7,3 | -11,0 | -11,3 | Автомобиль транспорту |
| 0,7 | 0,5 | 0,5 | 0,5 | 0,4 | 0,6 | 1,1 | 1,6 | экспорт |
| -6,4 | -7,1 | -7,7 | -8,7 | -7,3 | -7,9 | -12,0 | -12,9 | импорт |
| -4,8 | -7,9 | -5,4 | -5,1 | -3,5 | -3,5 | -4,5 | -3,2 | Транспорттун башка түрлөрү |
| 0,7 | 0,6 | 0,6 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,1 | 0,9 | экспорт |
| -5,6 | -8,5 | -6,0 | -5,4 | -3,8 | -3,6 | -4,7 | -4,1 | импорт |
| 31,8 | 70,6 | 46,6 | 42,9 | 23,6 | -10,0 | -7,4 | 6,3 | Кыдыруулар |
| 88,9 | 129,9 | 120,3 | 119,7 | 90,3 | 43,0 | 72,7 | 77,7 | экспорт |
| -57,1 | -59,2 | -73,7 | -76,8 | -66,7 | -53,0 | -80,0 | -71,4 | импорт |
| 8,0 | 24,4 | 12,7 | 10,8 | 3,5 | -9,6 | -11,2 | -4,5 | Ишкер кыдыруулар |
| 38,2 | 55,8 | 51,7 | 51,5 | 38,8 | 18,5 | 31,3 | 33,4 | экспорт |
| -30,3 | -31,4 | -39,0 | -40,7 | -35,3 | -28,1 | -42,4 | -37,9 | импорт |
| 23,8 | 46,2 | 33,9 | 32,1 | 20,1 | -0,4 | 3,8 | 10,7 | Жеке кыдыруулар |
| 50,7 | 74,0 | 68,6 | 68,2 | 51,5 | 24,5 | 41,4 | 44,3 | экспорт |
| -26,9 | -27,8 | -34,6 | -36,1 | -31,3 | -24,9 | -37,6 | -33,6 | импорт |
| -0,2 | 0,7 | — | -0,4 | 0,1 | 3,2 | 2,0 | 1,8 | Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү |
| 2,6 | 2,7 | 1,9 | 2,1 | 1,9 | 5,8 | 6,3 | 5,9 | экспорт |
| -2,8 | -2,0 | -1,9 | -2,5 | -1,8 | -2,6 | -4,3 | -4,1 | импорт |
| 2,1 | 2,0 | 1,3 | -4,9 | -5,0 | 2,8 | 8,2 | 14,9 | Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр |
| 4,3 | 6,5 | 5,9 | 2,1 | 0,6 | 4,9 | 10,4 | 16,9 | экспорт |
| -2,2 | -4,5 | -4,6 | -7,0 | -5,6 | -2,1 | -2,2 | -2,0 | импорт |
| -1,6 | -2,5 | -2,4 | -2,0 | -2,2 | 3,2 | -4,9 | -3,6 | Камсыздандыруу жагынан кызмат көрсөтүүлөр |
| 1,0 | 0,8 | 0,5 | 1,3 | 0,2 | 6,1 | 0,2 | 0,2 | экспорт |
| -2,6 | -3,3 | -2,8 | -3,3 | -2,3 | -2,9 | -5,1 | -3,8 | импорт |
| — | — | 0,1 | — | — | — | — | — | Экскурсиялык бюро кызматы |
| — | — | 0,1 | — | — | — | — | — | экспорт |
| — | — | — | — | — | — | — | — | импорт |

## I.1-таблица: (уландысы)

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | -1,6 | -5,4 | 4,4 | 6,9 | -16,5 |
| экспорт | 2,0 | 3,7 | 13,5 | 10,9 | 0,6 |
| импорт | -3,6 | -9,0 | -9,1 | -4,0 | -17,1 |
| Компьютердик жана маалымат кызмат көрсөтүүлөрү | -0,4 | -3,2 | -13,2 | -14,9 | -10,6 |
| экспорт | 1,3 | 1,1 | 1,4 | 1,3 | 3,1 |
| импорт | -1,7 | -4,4 | -14,6 | -16,2 | -13,6 |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 22,5 | 25,5 | 6,1 | 1,1 | 5,5 |
| экспорт | 27,3 | 30,7 | 11,6 | 10,3 | 14,6 |
| импорт | -4,8 | -5,2 | -5,5 | -9,2 | -9,1 |
| Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | -39,4 | 3,2 | -4,9 | 41,3 | -26,0 |
| экспорт | 83,1 | 84,8 | 93,7 | 125,7 | 113,3 |
| импорт | -122,6 | -81,6 | -98,5 | -84,5 | -139,3 |
| анын ичинен Техникалык жардам | -20,0 | -20,0 | -20,0 | -20,5 | -20,7 |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | -19,8 | 19,1 | 31,3 | 49,9 | 49,8 |
| экспорт | 10,2 | 45,3 | 69,4 | 86,1 | 68,1 |
| импорт | -29,9 | -26,2 | -38,1 | -36,2 | -18,3 |
| Кирешелер | -48,1 | -48,9 | -203,5 | -184,1 | -149,9 |
| Эмгекке төлөөлөр | -24,2 | -20,8 | -22,3 | -27,0 | -32,3 |
| Инвестициялардан түшкөн кирешелер | -23,8 | -28,1 | -181,2 | -157,1 | -117,6 |
| Тике инвестициялар | -39,7 | -37,2 | -176,6 | -120,1 | -93,1 |
| Бөлүштүрүлгөн пайда | -14,0 | -0,2 | -1,6 | — | 41,0 |
| Реинвестицияланган кирешелер | -21,0 | -33,6 | -152,9 | -108,0 | -95,5 |
| Карыздан алынган кирешелер (пайыздар) | -4,7 | -3,5 | -22,1 | -12,1 | -38,6 |
| Портфелдик инвестициялар | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 4,2 | 0,2 |
| Башка инвестициялар | 15,7 | 8,9 | -5,1 | -41,2 | -24,6 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -19,9 | -24,5 | -28,5 | -44,4 | -35,2 |
| АКЖО (ОДКР) | -0,9 | -0,8 | -0,7 | -0,8 | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | -16,9 | -17,2 | -18,8 | -24,1 | -27,5 |
| Банктар | -1,6 | -5,6 | -8,1 | -7,7 | 4,3 |
| Башка секторлор | -0,6 | -0,9 | -0,8 | -11,8 | -12,1 |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер | 35,6 | 33,4 | 23,4 | 3,2 | 10,5 |
| Күндөлүк трансферттер | 752,4 | 1018,5 | 1476,0 | 1207,1 | 1391,3 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 12,4 | 30,9 | 45,9 | 194,9 | 78,2 |
| Товардык гранттар | 10,4 | 11,5 | 12,3 | 14,2 | 0,3 |
| Техникалык жардам | — | — | — | — | — |
| Эл аралык уюмдарга төлөмдөр | -4,7 | -3,4 | -3,6 | -3,0 | -3,6 |
| Акчалай гранттар | 6,7 | 22,8 | 37,1 | 183,7 | 81,4 |
| Башка секторлор | 740,0 | 987,6 | 1430,1 | 1012,1 | 1313,1 |
| Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 709,6 | 951,4 | 1392,4 | 990,3 | 1243,8 |
| Түшүүлөр | 753,9 | 1021,1 | 1468,7 | 1072,0 | 1379,3 |
| Агылып чыгуу | -44,3 | -69,7 | -76,3 | -81,7 | -135,5 |
| Башка трансферттер | 30,4 | 36,2 | 37,7 | 21,8 | 69,3 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** | **104,1** | **-43,8** | **-143,5** | **480,8** | **212,0** |
| Капитал менен операциялар эсеби | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -14,0 | -62,1 |
| Капиталдык трансферттер | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -14,0 | -62,1 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 29,4 | 36,3 | 36,6 | 50,7 | 20,0 |
| Товарлар түрүндөгү гранттар | 9,4 | 16,3 | 16,6 | 30,7 | — |
| Техникалык жардам | 20,0 | 20,0 | 20,0 | 20,0 | 20,0 |
| Башка секторлор | -73,3 | -111,2 | -81,5 | -64,7 | -82,1 |
| Элдин көчүп кетүүлөрүнө б-туу трансферттер* | -73,6 | -119,8 | -89,4 | -69,9 | -119,7 |
| Түшүүлөр | 8,1 | 9,4 | 8,3 | 9,1 | 9,2 |
| Агылып чыгуу | -81,7 | -129,1 | -97,6 | -78,9 | -129,0 |
| Карыздарды жокко чыгаруу | — | — | — | — | — |
| Башка трансферттер | 0,3 | 8,6 | 7,9 | 5,2 | 37,7 |

*Улуттук банктын берген баасы боюнча маалыматтар

| 2009 | | | | 2010 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| 5,8 | 1,7 | 0,1 | -0,6 | -4,5 | -6,8 | -1,7 | -3,5 | Финансылык кызмат көрсөтүүлөр |
| 7,0 | 2,4 | 1,0 | 0,5 | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 0,1 | экспорт |
| -1,2 | -0,8 | -0,9 | -1,1 | -4,7 | -7,0 | -1,8 | -3,6 | импорт |
| -2,8 | -2,7 | -2,4 | -7,0 | -3,8 | -1,4 | -3,8 | -1,5 | Компьютердик ж-а маалымат кызмат көрс-лөрү |
| 0,1 | 0,5 | 0,3 | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 1,8 | 0,7 | экспорт |
| -3,0 | -3,2 | -2,6 | -7,4 | -4,2 | -1,7 | -5,6 | -2,2 | импорт |
| -0,5 | 0,7 | 1,9 | -1,0 | -0,5 | 0,9 | 3,6 | 1,6 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр |
| 1,7 | 2,3 | 4,0 | 2,3 | 2,0 | 3,2 | 5,8 | 3,6 | экспорт |
| -2,1 | -1,6 | -2,2 | -3,3 | -2,5 | -2,3 | -2,2 | -2,0 | импорт |
| -4,2 | 29,9 | 6,9 | 8,6 | 10,5 | -5,3 | -28,1 | -3,1 | Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр |
| 15,3 | 48,4 | 26,6 | 35,3 | 33,5 | 26,4 | 29,1 | 24,3 | экспорт |
| -19,5 | -18,5 | -19,7 | -26,7 | -23,0 | -31,7 | -57,2 | -27,4 | импорт |
| -5,0 | -5,1 | -5,1 | -5,3 | -5,3 | -5,0 | -5,3 | -5,0 | анын ичинен Техникалык жардам |
| 20,6 | 5,8 | 12,4 | 11,1 | 22,3 | 3,4 | 9,8 | 14,3 | Жана башка кызмат көрсөтүүлөр |
| 29,2 | 13,5 | 19,6 | 23,8 | 28,7 | 7,5 | 11,8 | 20,1 | экспорт |
| -8,5 | -7,7 | -7,3 | -12,7 | -6,4 | -4,1 | -1,9 | -5,8 | импорт |
| -38,9 | -11,5 | -37,4 | -96,3 | -143,4 | -35,6 | 45,7 | -16,6 | Кирешелер |
| -6,0 | -6,5 | -5,9 | -8,6 | -7,2 | -7,2 | -7,9 | -10,0 | Эмгекке төлөөлөр |
| -32,9 | -5,1 | -31,4 | -87,7 | -136,3 | -28,4 | 53,6 | -6,5 | Инвестициялардан түшкөн кирешелер |
| -30,2 | 3,4 | -15,1 | -78,1 | -125,1 | -22,9 | 58,8 | -3,9 | Тике инвестициялар |
| — | — | — | — | — | -9,4 | 41,1 | 9,3 | Бөлүштүрүлгөн пайда |
| -29,4 | 4,8 | -12,6 | -70,8 | -110,6 | -4,9 | 20,2 | -0,2 | Реинвестицияланган кирешелер |
| -0,9 | -1,4 | -2,5 | -7,3 | -14,5 | -8,6 | -2,5 | -13,0 | Карыздан алынган кирешелер (пайыздар) |
| 3,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,1 | — | — | Портфелдик инвестициялар |
| -6,0 | -8,7 | -16,6 | -9,9 | -11,2 | -5,6 | -5,1 | -2,6 | Башка инвестициялар |
| -8,7 | -8,2 | -17,0 | -10,5 | -10,6 | -7,7 | -10,4 | -6,4 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| — | -0,4 | — | -0,4 | — | — | — | — | АКЖО (ОДКР) |
| -5,5 | -4,8 | -8,2 | -5,7 | -9,1 | -5,0 | -9,0 | -4,4 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| -3,2 | -2,2 | -1,1 | -1,2 | 1,1 | 1,1 | 0,9 | 1,2 | Банктар |
| — | -0,8 | -7,8 | -3,2 | -2,6 | -3,8 | -2,4 | -3,2 | Башка секторлор |
| 2,7 | -0,6 | 0,4 | 0,6 | -0,7 | 2,1 | 5,3 | 3,8 | Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер |
| 174,2 | 406,2 | 311,5 | 315,1 | 227,0 | 320,8 | 428,1 | 415,4 | Күндөлүк трансферттер |
| 6,7 | 158,7 | 4,0 | 25,5 | 8,3 | 20,7 | 13,7 | 35,6 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 3,1 | 1,7 | 3,5 | 6,0 | — | 0,1 | 0,3 | — | Товардык гранттар |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Техникалык жардам |
| -0,7 | -0,9 | -0,4 | -1,0 | -0,6 | -0,5 | -1,1 | -1,3 | Эл аралык уюмдарга төлөмдөр |
| 4,3 | 158,0 | 0,9 | 20,5 | 8,9 | 21,1 | 14,5 | 36,9 | Акчалай гранттар |
| 167,6 | 247,5 | 307,5 | 289,6 | 218,7 | 300,1 | 414,4 | 379,9 | Башка секторлор |
| 162,8 | 238,8 | 303,1 | 285,5 | 213,1 | 288,2 | 387,5 | 355,0 | Иштеп жаткандардын акчалай которуулары |
| 178,8 | 257,3 | 324,5 | 311,4 | 234,1 | 313,7 | 430,5 | 401,0 | Түшүүлөр |
| -16,0 | -18,4 | -21,4 | -25,9 | -21,0 | -25,5 | -43,0 | -46,0 | Агылып чыгуу |
| 4,8 | 8,6 | 4,4 | 4,0 | 5,5 | 11,9 | 27,0 | 24,9 | Башка трансферттер |
| **253,3** | **5,4** | **355,5** | **-133,4** | **-18,8** | **110,8** | **145,2** | **-25,2** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби** |
| -6,3 | -10,9 | -1,9 | 5,1 | -4,3 | -10,9 | -31,2 | -15,7 | Капитал менен операциялар эсеби |
| -6,3 | -10,9 | -1,9 | 5,1 | -4,3 | -10,9 | -31,2 | -15,7 | Капиталдык трансферттер |
| 7,9 | 9,0 | 12,6 | 21,2 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 2,9 | 4,0 | 7,6 | 16,2 | — | — | — | — | Товарлар түрүндөгү гранттар |
| 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | 5,0 | Техникалык жардам |
| -14,3 | -19,9 | -14,5 | -16,0 | -9,3 | -15,9 | -36,2 | -20,7 | Башка секторлор |
| -15,2 | -22,4 | -15,5 | -16,8 | -13,7 | -22,2 | -49,4 | -34,5 | Элдин көчүп кетүүлөрүнө б-туу трансферттер |
| 2,3 | 2,1 | 2,3 | 2,3 | 1,8 | 1,8 | 2,5 | 3,1 | Түшүүлөр |
| -17,4 | -24,5 | -17,9 | -19,1 | -15,4 | -24,0 | -51,9 | -37,6 | Агылып чыгуу |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Карыздарды жокко чыгаруу |
| 0,9 | 2,5 | 1,1 | 0,7 | 4,4 | 6,3 | 13,2 | 13,8 | Башка трансферттер |

## I.1-таблица: (уландысы)

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык эсеп | 147,9 | 31,1 | -98,6 | 494,8 | 274,0 |
| Тике инвестициялар* | 182,0 | 208,9 | 377,1 | 189,6 | 233,6 |
| Чет мамлекеттерге | — | 1,0 | 0,1 | 0,3 | — |
| Кыргыз Республикасына | 182,0 | 207,9 | 377,0 | 189,4 | 233,6 |
| Түшүүлөр | 410,6 | 436,8 | 866,2 | 660,9 | 446,0 |
| Агылып чыгуу | -228,6 | -228,9 | -489,2 | -471,6 | -212,4 |
| Акционердик капиталга | 31,5 | 16,4 | 25,3 | 69,7 | -6,0 |
| Түшүүлөр | 73,5 | 64,5 | 59,5 | 114,0 | 22,3 |
| Агылып чыгуу | -42,0 | -48,1 | -34,2 | -44,4 | -28,3 |
| Реинвестицияланган кирешелер | 21,0 | 33,6 | 152,9 | 108,0 | 95,5 |
| Жана башка капитал | 129,5 | 157,9 | 198,8 | 11,7 | 144,0 |
| Түшүүлөр | 316,0 | 338,7 | 653,8 | 438,9 | 328,2 |
| Агылып чыгуу | -186,5 | -180,8 | -455,0 | -427,2 | -184,1 |
| Портфелдик инвестициялар* | -3,0 | -14,3 | -230,0 | 161,9 | 103,2 |
| Активдер | -3,0 | -15,8 | -236,2 | 161,2 | 117,7 |
| Акционердик капиталга | — | -10,8 | 21,1 | 7,0 | 22,9 |
| Карыздык баалуу кагаздар | -3,0 | -5,1 | -257,2 | 154,1 | 94,8 |
| Милдеттенмелер | — | 1,5 | 6,2 | 0,7 | -14,5 |
| Акционердик капиталга | — | 1,5 | 6,2 | 0,7 | -14,5 |
| Карыздык баалуу кагаздар | — | — | — | — | — |
| Финансы деривативдери | — | — | — | — | — |
| Активдер | — | — | — | — | — |
| Милдеттенмелер | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 138,8 | 143,3 | -124,4 | 411,0 | 49,6 |
| Активдер | -24,0 | 19,4 | -362,7 | -217,2 | 103,1 |
| Накталай акчалар жана депозиттер | -11,7 | 26,7 | -119,3 | -207,4 | 189,1 |
| Банктар | -17,0 | 37,7 | -115,9 | -157,9 | 199,9 |
| Башка секторлор | 5,2 | -10,9 | -3,4 | -49,5 | -10,8 |
| Соодалык кредиттер** | -13,5 | -27,6 | -224,0 | -7,5 | -86,0 |
| Башка секторлор | -13,5 | -27,6 | -224,0 | -7,5 | -86,0 |
| Узак мөөнөттүү | -9,1 | -18,5 | -150,1 | -5,0 | -57,6 |
| Кыска мөөнөттүү | -4,5 | -9,1 | -73,9 | -2,5 | -28,4 |
| Жана башка активдери | 1,3 | 20,3 | -19,3 | -2,3 | — |
| АКЖО (ОДКР) | 1,0 | 20,0 | -19,3 | -2,3 | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 0,3 | 0,3 | — | — | — |
| Милдеттенмелер | 162,8 | 123,9 | 238,2 | 628,2 | -53,5 |
| Накталай акчалар жана депозиттер | -36,3 | 81,1 | 46,8 | 54,7 | -202,5 |
| Банктар | -36,3 | 81,1 | 46,8 | 54,7 | -202,5 |
| Соодалык кредиттер** | 132,7 | 13,3 | 121,6 | -41,0 | 17,4 |
| Башка секторлор | 132,7 | 13,3 | 121,6 | -41,0 | 17,4 |
| Узак мөөнөттүү | 73,0 | 7,3 | 66,9 | -22,6 | 9,6 |
| Кыска мөөнөттүү | 59,7 | 6,0 | 54,7 | -18,5 | 7,8 |
| Кредиттер | 56,8 | 18,4 | 60,7 | 452,9 | 82,9 |
| Алынганы | 148,8 | 107,5 | 136,1 | 578,7 | 260,8 |
| АКЖО (ОДКР) | 3,8 | 4,0 | 42,2 | 26,0 | 33,7 |
| Узак мөөнөттүү | 3,8 | 4,0 | 42,2 | 26,0 | 33,7 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 80,7 | 65,0 | 50,1 | 370,6 | 150,0 |
| Узак мөөнөттүү | 80,7 | 65,0 | 50,1 | 370,6 | 150,0 |
| Кыска мөөнөттүү | — | — | — | — | — |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен, УСКнын 2010-жылдын IV чейреги үчүн тике инвестициялар, портфелдик инвестициялар жана соода кредиттери боюнча алдын ала алынган маалыматтары.

** 2010-жылдын IV чейреги үчүн УСКнын алдын ала алынган маалыматтары.

| 2009 | | | | 2010 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| 259,6 | 16,3 | 357,4 | -138,5 | -14,5 | 121,7 | 176,4 | -9,5 | Финансылык эсеп |
| -8,7 | 4,1 | 66,7 | 127,5 | 165,1 | -5,0 | -29,0 | 102,6 | Тике инвестициялар* |
| 1,6 | -0,3 | -0,9 | — | 27,1 | — | -27,0 | -0,1 | Чет мамлекеттерге |
| -10,3 | 4,5 | 67,7 | 127,5 | 138,0 | -5,0 | -2,0 | 102,7 | Кыргыз Республикасына |
| 152,8 | 156,3 | 140,9 | 211,0 | 177,0 | 52,1 | 19,8 | 197,1 | Түшүүлөр |
| -163,0 | -151,8 | -73,3 | -83,5 | -39,0 | -57,1 | -21,8 | -94,4 | Агылып чыгуу |
| 5,8 | 3,6 | 29,1 | 31,1 | 2,6 | 0,9 | -15,2 | 5,7 | Акционердик капиталга |
| 18,6 | 13,3 | 37,3 | 44,8 | 3,6 | 9,0 | 2,9 | 6,8 | Түшүүлөр |
| -12,8 | -9,7 | -8,2 | -13,7 | -1,0 | -8,1 | -18,1 | -1,1 | Агылып чыгуу |
| 29,4 | -4,8 | 12,6 | 70,8 | 110,6 | 4,9 | -20,2 | 0,2 | Реинвестицияланган кирешелер |
| -45,5 | 5,7 | 25,9 | 25,6 | 24,7 | -10,8 | 33,4 | 96,8 | Жана башка капитал |
| 104,8 | 147,8 | 91,0 | 95,4 | 62,7 | 38,2 | 37,1 | 190,1 | Түшүүлөр |
| -150,3 | -142,1 | -65,0 | -69,8 | -38,0 | -49,0 | -3,7 | -93,4 | Агылып чыгуу |
| 73,6 | 90,3 | 104,6 | -106,5 | -73,1 | 80,0 | 96,1 | 0,1 | Портфелдик инвестициялар* |
| 74,0 | 90,0 | 103,7 | -106,5 | -70,1 | 80,1 | 107,7 | — | Активдер |
| 2,8 | 1,5 | 2,8 | — | 22,8 | 0,1 | — | — | Акционердик капиталга |
| 71,2 | 88,5 | 100,9 | -106,5 | -92,9 | 80,0 | 107,7 | — | Карыздык баалуу кагаздар |
| -0,4 | 0,3 | 0,9 | — | -2,9 | -0,1 | -11,6 | 0,1 | Милдеттенмелер |
| -0,4 | 0,3 | 0,9 | — | -2,9 | -0,1 | -11,6 | 0,1 | Акционердик капиталга |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Карыздык баалуу кагаздар |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Финансы деривативдери |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Активдер |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Милдеттенмелер |
| 29,9 | 408,9 | 45,5 | -73,3 | -37,5 | 33,6 | 138,4 | -84,9 | Башка инвестициялар |
| 26,3 | -50,4 | -114,7 | -78,4 | -127,8 | 295,2 | 60,8 | -125,0 | Активдер |
| -18,0 | -19,8 | -107,9 | -61,8 | -66,6 | 271,2 | 65,9 | -81,4 | Накталай акчалар жана депозиттер |
| -24,5 | -29,1 | -79,4 | -24,9 | -37,7 | 292,6 | -33,5 | -21,5 | Банктар |
| 6,5 | 9,4 | -28,5 | -36,9 | -28,9 | -21,4 | 99,4 | -60,0 | Башка секторлор |
| 46,6 | -30,6 | -6,8 | -16,7 | -61,2 | 23,9 | -5,1 | -43,6 | Соодалык кредиттер** |
| 46,6 | -30,6 | -6,8 | -16,7 | -61,2 | 23,9 | -5,1 | -43,6 | Башка секторлор |
| 31,2 | -20,5 | -4,6 | -11,2 | -41,0 | 16,0 | -3,4 | -29,2 | Узак мөөнөттүү |
| 15,4 | -10,1 | -2,2 | -5,5 | -20,2 | 7,9 | -1,7 | -14,4 | Кыска мөөнөттүү |
| -2,3 | — | — | — | — | — | — | — | Жана башка активдери |
| -2,3 | — | — | — | — | — | — | — | АКЖО (ОДКР) |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 3,6 | 459,3 | 160,2 | 5,1 | 90,3 | -261,5 | 77,6 | 40,1 | Милдеттенмелер |
| 0,2 | 18,9 | 5,3 | 30,3 | 42,4 | -231,7 | -9,3 | -3,9 | Накталай акчалар жана депозиттер |
| 0,2 | 18,9 | 5,3 | 30,3 | 42,4 | -231,7 | -9,3 | -3,9 | Банктар |
| -12,2 | 6,1 | 13,3 | -48,3 | -0,3 | -24,8 | 19,5 | 23,0 | Соодалык кредиттер** |
| -12,2 | 6,1 | 13,3 | -48,3 | -0,3 | -24,8 | 19,5 | 23,0 | Башка секторлор |
| -6,7 | 3,4 | 7,3 | -26,6 | -0,2 | -13,6 | 10,7 | 12,7 | Узак мөөнөттүү |
| -5,5 | 2,8 | 6,0 | -21,7 | -0,1 | -11,2 | 8,8 | 10,4 | Кыска мөөнөттүү |
| 11,1 | 433,4 | 5,0 | 3,3 | 30,0 | -15,2 | 61,0 | 7,1 | Кредиттер |
| 29,8 | 468,8 | 47,5 | 32,6 | 65,6 | 12,8 | 139,0 | 43,3 | Алынганы |
| — | 26,0 | — | — | — | — | 33,7 | — | АКЖО (ОДКР) |
| — | 26,0 | — | — | — | — | 33,7 | — | Узак мөөнөттүү |
| 17,8 | 303,4 | 32,8 | 16,6 | 32,5 | 4,9 | 90,7 | 22,0 | Мамлекеттик башкаруу сектору |
| 17,8 | 303,4 | 32,8 | 16,6 | 32,5 | 4,9 | 90,7 | 22,0 | Узак мөөнөттүү |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Кыска мөөнөттүү |

## I.1.-таблица: (уландысы)

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| Банктар | 38,1 | 12,2 | 24,1 | 28,0 | 18,2 |
| Узак мөөнөттүү | — | 7,0 | 22,5 | 13,1 | 15,4 |
| Кыска мөөнөттүү | 38,1 | 5,2 | 1,6 | 14,9 | 2,8 |
| Башка секторлор | 26,2 | 26,3 | 19,7 | 154,1 | 58,8 |
| Узак мөөнөттүү | 26,2 | 26,3 | 19,7 | 154,1 | 58,8 |
| Кыска мөөнөттүү | — | — | — | — | — |
**Финансы эсеби.** Финансы эсеби өзүнө алардын натыйжасында резиденттердин чет өлкө активдери жана милдеттенмелери көбөйүүгө же азайууга дуушар болгон операцияларды камтыйт. Мына ошого байланыштуу, резиденттер чет өлкө финансы активдерин резидент эместерден гана эмес, резиденттерден да сатып алууга мүмкүнчүлүгү болгондугунан улам, финансы эсебинде резиденттердин ортосундагы чет өлкө активдери менен операциялар да чагылдырылышы мүмкүн. Финансы эсебинин чегинде активдердин ар бир түрү боюнча операциялар таза түрүндө катталат. Ошентип, жазууларда ошол түрдөгү активдер же милдеттенмелер менен бардык оң жана терс операциялардын белгилүү бир мезгил ичиндеги таза суммардык өзгөртүлүшү чагылдырылат. Активдердин суммасынын таза азаюусу жана милдеттенмелердин суммасынын таза көбөйүшү кредит боюнча катталат, ал эми активдердин суммасынын таза көбөйүшү жана милдеттенмелердин суммасынын таза кыскарышы дебет боюнча чагылдырылат. Финансы эсебинин компоненттери функционалдык белгилер боюнча классификацияланат жана тике, портфелдик инвестициялар, башка инвестициялар жана камдык активдер болуп бөлүнүшөт.

**Тике инвестицияларда** башка өлкөнүн чарбалык бирдигин (тике инвестицияларды алышкан ишканалар) башкарууга катышуу максатында бир өлкөнүн (тике инвестор) жеке адамдары жана юридикалык жактары тарабынан жүзөгө ашыруучу инвестициялар чагылдырылат. Тике инвестициялар катары, ишкананын капиталына катышуу формасындагы тике инвестордун капиталдык салымдары гана эмес, тике инвестор менен тике инвестициялоо ишканаларынын ортосунда болуп өткөн инвестициялардын башка бардык формалары классификацияланат. Мисал катары, тике инвестор тарабынан ишканаларга берилген кредиттер же тике инвестиция катары каралган жерди узак мөөнөткө ижаралоо саналат. Тике инвестициялар чет өлкөгө инвестицияларга же ички экономикага инвестицияга бөлүнөт. Тике инвестициялар боюнча маалыматтарды Улуттук банк Улуттук Статистика комитетинен алат. Ал эми, бул комитет өз кезегинде маалыматтарды ири биргелешкен айрым ишканалардан чогултат.

**Портфелдик инвестицияларда** баалуу кагаздар жана карыздык баалуу кагаздар менен операциялар, киреше алуу максатында гана жүргүзүлгөн операциялар чагылдырылат. Портфелдик инвестицияларды тике инвестициялардан айырмалоочу шарттуу критерий болуп, инвестордун ишкананын кадимки эле акцияларынын 10 же андан ашык пайызына ээ болуусу саналат. Портфелдик инвестициялар, өз кезегинде, активдер жана милдеттенмелер менен операцияларга, о.э. финансы инструменттеринин түрү боюнча (капиталга катышууну камсыз кылган баалуу кагаздар жана карыздык баалуу кагаздар) классификацияланат. Портфелдик инвестициялар боюнча маалыматтарды Улуттук банк ички булактардан, коммерциялык банктардан, Кыргыз Республикасынын финансы рыногуна көзөмөлдүк жана жөнгө салуу кызматынан, ири биргелешкен ишканалардан алат.

**Финансы деривативдери** - алардын иштөө шарттары, айрым башка финансы инструменттерине же мүнөздөмөлөрүнө (чет өлкө валютасы, мамлекеттик облигациялар, акцияларга баанын индекси, пайыздык чендер жана башкалар сыяктуу) же кийинчерээк сатылып алынышы же сатылышы мүмкүн болгон кайсы болбосун биржалык товарларга (алтын, кант, кофе жана башка) «байланыштуу» болгон финансы инструменттери. Финансы деривативдери ээлерине алдын ала сүйлөшүлгөн, келечектеги белгилүү бир мезгилде, аныкталган активдерди алууга укукту камсыз кылат, мисалы, накталай акча формасында, баштапкы финансы инструменти жана башка. Туунду финансы инструменттеринин катарына опциондор (валюталык, пайыздык, товардык ж.б), жүгүртүлүүчү финансы фьючерстери, варранттар жана валюталык же пайыздык своптор жөнүндө келишимдер катары инструменттер кирет. Туунду инструменттери менен бүтүмдөр операциялардын өз алдынча топторуна бөлүнүп турат (негизгиси финансылык); аларды эсепке алуу туунду контракттын негизинде жаткан жана алар өздөрү «байланыштуу» мүнөздөмөгө таандык болгон баалуу кагаздар же товарлар менен операцияларды каттоодон башка жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминде финансы деривативдери алтындын баасын хеджирлөө менен берилген жана алар боюнча маалыматтар ишканалар тарабынан берилет.

**Жана башка инвестициялар** да активдер, милдеттенмелер менен операцияларга классификацияланат жана өзүнө кредиттерди, кредитордук жана дебитордук карыздарды, депозиттерди, накталай чет өлкө валютасын, улуттук валютаны жана жогоруда келтирилген категорияларга кирбеген башка активдерди жана милдеттенмелерди камтыйт. Коммерциялык банктардын чет өлкө активдери/милдеттенмелери боюнча маалыматтар Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын отчетторунан алынат. Өкмөт тарабынан же анын гарантиясы астында алынган чет өлкө кредиттери ошондой эле, аларды тейлөө боюнча маалыматтар Улуттук банк тарабынан Финансы министрлигинен, ишканалардан жана башкы банктын өзүнүн ички булактарынан алынат. Улуттук банк тарабынан тейленген кредиттер боюнча маалыматтар өзүнүн ички булактарынан алынат. Мамлекеттик эмес кредиттер боюнча маалыматтар ошол кредиттерден пайдаланышкан ишканалардан алынат. Резидент-ишканалардын (соодалык кредиттер) кредитордук жана дебитордук карыздары тууралуу маалыматтар Улуттук банк тарабынан Улуттук Статистика комитетинен алынат, ал эми Комитет маалыматтарды ишканалардан жыйнайт. Чет мамлекеттердеги ишканалардын эсептери боюнча маалыматтарды Улуттук банк ишканалардан алат. Негизинен, Кыргызстандын эл

аралык финансы институттарынын фондуларына төлөмдөрүн чагылдырган ж.б. активдер боюнча маалыматтарды Улуттук банк Финансы министрлигинен жана Улуттук банктын ички булактарынан алат. Төлөм теңдеми кошуп эсептөө (начисление) ыкмасы боюнча түзүлө тургандыгына байланыштуу, кредиттер боюнча негизги суммалар жана төлөөгө карата пайыздар төлөө мөөнөтү узартылышы мүмкүн болгон б.а., убагында төлөнбөгөн бир мезгил аралыгындагы чегерилген суммаларды чагылдырат. Кошуп эсептелинген сумма менен иш жүзүндө төлөнгөн сумманын ортосундагы айырма «жана башка инвестициялар» статьясында, мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммаларга өзгөртүүлөр катары чагылдырылат. Эгерде, мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар жаңы кредит катары кайра таризделе турган болсо, анда төлөм теңдеминде мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалардын азайышы түрүндө жана карыздарды реструктуризациялоо жаңы кредитти алуу формасында чагылдырылат.

**Камдык активдер** төлөм теңдеминин тартыштыгын каржылоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын чет өлкө активдеринен турат. Төлөм теңдеминде монетардык алтын менен операцияларга (Улуттук банк менен акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча чет өлкө органдарынын ортосундагы операциялар гана), атайын карыз алышуу укугу, эркин конвертирленүүчү валюта активдери, ликвиддүү чет өлкө баалуу кагаздары жана ж.б. ликвидүү чет өлкө активдери менен операцияларга байланыштуу болгон камдык активдердеги өзгөрүүлөр чагылдырылат. ЭВФтин камдык активдери жана кредиттери, ошондой эле Улуттук банктын төлөм теңдеминде чагылдырылуучу башка активдери жана милдеттенмелери боюнча маалыматтар, Улуттук банктын ички булактарынан алынган маалыматтарга негизделген.

### 4. Төлөм теңдемин сунуш кылуунун формалары

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми нейтралдуу жана аналитикалык формаларда берилет. **Нейтралдуу форма** (I тиркеме, I.1-таблица) өзүнө төлөм теңдеминин бардык статьялары эки тилкеде, өзүнчө кредит жана дебет боюнча, мында, кредит боюнча өткөрүүнүн суммасы таза каталарды жана калтырып кетүүлөрдү эске алуу менен дебет боюнча өткөрүүдөгү суммага барабар болот же сальдолонгон түрүндө чагылдырылышы менен мүнөздөлөт. Нейтралдуу формада берүүдө төлөм теңдеминин жалпы сальдосу дайыма нөлгө барабар болот.

**Аналитикалык формада** (I таблица) бардык статьялар сальдолонгон түрүндө көрсөтүлөт. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу конкреттүү өлкөнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталган өзүнчө бир статьянын суммасы катары түзүлөт. Бул статьялар көз карандысыз (б.а. өз максатына жооп берген) жүзөгө ашырылуучу жана андан төлөм теңдеминин жыйынтыкталган сальдосунун өлчөмү көз каранды болгон операцияларды чагылдырууга тийиш. Бул статьялар «чектен тышкары» статьялары деп аталат. «Чекке чейинки» статьяларынын калган бардык операциялары төлөм теңдеминин сальдосун каржылоо максатында жүзөгө ашырылат. Бул операциялар аргасыздан жүргүзүлүп, көз каранды жана Улуттук банк менен Өкмөттүн жөнгө салуучу аракеттерине байланыштуу. Ошентип, төлөм теңдеминин сальдосу субъективдүү ой жүгүртүү үчүн элементтерди камтып турса да, төлөм теңдеминин сальдосунун өлчөмүн ченөөгө, анын каржыланышындагы керектөөлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.

## II.2-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары

| Төлөм теңдеминин статьялары | Маалымат булактары | Маалыматтардын мазмуну |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | | |
| экспорт | УСК | |
| порттордон алынуучу товарлар | УСК | |
| монетардык эмес алтын | УСК | |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | УСК | |
| импорт (СИФ) | УСК | |
| нарк боюнча оңдоолор | УСК | ишканаларды иликтөөнүн негизинде СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү боюнча УСКнын баа берүүсү |
| порттордон алынуучу товарлар | УСК | ишканалардын отчетторунун негизинде бункердик отундун импорту боюнча маалыматтар |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | ишканаларды иликтөөнүн негизинде СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук сарптоолордун үлүшүнө Улуттук статистика комитетинин баасы |
| Кыдыруулар | УСК | республикага (республикадан) келген (кеткен) жарандардын санынын негизинде түзүлгөн ыкмага ылайык баа берүү |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | УСК, ТКМ | |
| Курулуш кызмат көрсөтүүлөрү | КБ | |
| Камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү | УСК, ишканалар, КБ | ишканаларды иликтөөнүн жана банк статистикасынын маалыматтарынын негизинде СИФ наркы боюнча камсыздан-дыруулардын импорттогу үлүшүнө УСКнын баасы |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук банк, КБ | |
| Компьютердик жана маалымат кызмат көрсөтүүлөрү | КБ | |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | ТИМ, КБ | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө кеткен чыгашалар боюнча маалыматтар; чет өлкөлөрдүн Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалыматтар |
| Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ, ишканалар | 8 ВЭС-кызмат көрсөтүүлөр отчеттуулук формасы боюнча ишканалардан топтолгон башка ишкердик техникалык кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар |
| анын ичинде, техникалык жардам | ЭВФ, ФМ | баа берүү маалыматтары |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | 8 ВЭС-кызмат көрсөтүүлөр отчеттуулук формасы боюнча ишканалардан топтолгон жана башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар |
| **Кирешелер** | | |
| Эмгек акылар | УСК, КБ, ишканалар | |
| Инвестициялардан кирешелер | | |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялардан кирешелер тууралуу маалыматтар |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | Улуттук банк, КБ | |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | | |
| Кредиттер боюнча пайыздар | | |
| АКЖО | Улуттук банк | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк, ишканалар | |
| Банктар | КБ | |
| Башка секторлор | ишканалар, | |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер | Улуттук банк, КБ, ишканалар, БФКМ | Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөөгө байланыштуу кирешелери жана чыгашалары боюнча маалыматтар; коммерциялык банктардын жана ишканалардын чет өлкөлөрдөгү активдеринен кирешелер |

## II.2-таблица: (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьялары | Маалымат булактары | Маалыматтардын мазмуну |
|---|---|---|
| **Күндөлүк трансферттер** | | |
| Гуманитардык жардам | УСК, ишканалар | |
| Техникалык жардам | ЭВФ | баа берүү маалыматтары |
| Башка гранттар | Улуттук банк | |
| Эл аралык уюмдарга төлөмдөр | ФМ | |
| Иштеп жүргөндөрдүн акча которуулары | ТКМ, КБ, Улуттук банктын баасы | |
| **Капитал менен операциялар эсеби жана финансылык операциялар эсеби** | | |
| **Капиталдык трансферттер** | | |
| Товарлар түрүндөгү гранттар | УСК | товарлар түрүндөгү гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүү |
| Миграцияга байланыштуу трансферттер | УСК | көчүп кетип-келип жаткандардын саны боюнча расмий маалыматтардын негизинде, көчүп кетип жаткандардын трансферттерине УСКнын баасы |
| Карызды кечүү | ишканалар, ФМ | |
| **Тике инвестициялар** | | |
| Чет өлкөгө | УСК | |
| Кыргыз Республикасына | УСК, КБ, ишканалар | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялар боюнча маалыматтар |
| **Портфелдик инвестициялар** | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | Улуттук банк, КБ, КРӨКФРТКМК | |
| **Финансы деривативдери** | ишканалар | |
| **Башка инвестициялар** | | |
| Активдер | | |
| Нак акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | |
| Башка секторлор | ишканалар | |
| Соода кредиттери | УСК | |
| Башка активдер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ | |
| Милдеттенмелер | | |
| Нак акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | |
| Соода кредиттери | УСК | |
| Кредиттер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | ЭВФтин кредиттери жөнүндө маалыматтар |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк, ишканалар | мамлекеттик сектор тарабынан же анын гарантиясы астында алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Банктар | КБ | коммерциялык банктар тарабынан алынган кредиттер боюнча банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Башка секторлор | ишканалар, БФКМ | Өкмөттүн кепилдигисиз алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыздар | ФМ, КБ, БФКМ, ишканалар | |
| Камдык активдер | Улуттук банк | |

# III тиркеме: Төлөм теңдеминин «Кыдыруулар» статьясына баа берүүнүн ыкмасы

«Кыдыруулар» статьясына баа берүү ыкмасы чет өлкөлөрдөгү резиденттердин жана республикадагы резидент эместердин чыгашаларын бир кыйла так жана толук чагылдыруу, мейманканалардан, эс алуу үйлөрүнөн жана туристтик компаниялардан маалыматтарды жыйноонун салттуу түрдө колдонулуп келген ыкмасынын ордуна колдонуу максатында иштелип чыккан. «Кыдыруулар» статьясы боюнча маалыматтарды жыйноонун колдонулуп келинген ыкмасы операциялардын бир бөлүгүн гана камтыган жана төлөм теңдемин түзүүнүн эл аралык тажрыйбаларына ылайык бул статьяны мүмкүн болушунча баа берүү жолу менен аныктоо дурус болмокчу.

*«Кыдыруулар» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту/импорту бир келүүчүгө/кетүүчүгө туура келүүчү чыгашаларын келип/кетүүчү жарандардын санына көбөйтүүнү билдирет.*

Аталган статья боюнча эсептөөлөр кыдыруулардын категориясы боюнча алардын максатын төмөндөгүлөргө бөлүү менен жүргүзүлөт:
- кызматтык,
- туристтик,
- жеке,
- коммерциялык.

Чыгашалар кыдыруулардын максатынын ар бир категориясы боюнча өзүнчө, баа берүү менен эсептелинет.

Чет өлкөлөрдө иш боюнча кыска мөөнөттүү кыдырууларда жүргөн кыргыз жарандарынын чыгашаларына баа берүү күнүнө 3 жолу тамактануунун наркын жана ал жерлерде жашаган туракжайлар үчүн чыгашаларын камтыган бир күндүк (суткалык) төлөмдөрдүн минималдуу нормасынын негизинде аныкталат. Бул нормалар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет. Эс алуу же коммерциялык (шоп-турлар) максаттар менен кыдырууларга баа берүү үчүн туристтик фирмалардын жол киренин наркын (аба-темир жол билеттеринин наркы) кошпогондугу, эс алууларга жана шоп-турларга жолдомолордун наркы жөнүндөгү маалыматтары пайдаланылат. Туристтердин бул чыгашалары туристтердин жеке максаттардагы сарптоолору боюнча маалыматтарды камтыйт, анда аларды республиканын ичинде андан ары сатып өткөрүү үчүн товарларды алууга чыгашалары камтылбайт.

Кыргызстанга келген чет өлкө жарандарынын чыгашалары дагы баа берүү негизинде эсептелинет жана бир күндөгү тамак-аштарына орточо алынган чыгашаларды, республиканын мейманканаларында бир күн тургандыгы, ошондой эле республиканын аймагында болуу учурундагы кошумча чыгашаларын камтыйт.

«Кыдыруулар» статьясына баа берүүнүн аталган ыкмасы Улуттук статистика комитетинин жана бажы органынын расмий маалыматтарынын, ошондой эле туристтик фирмалардын жана мейманканалардын маалыматтарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

# IV тиркеме: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы

Номиналдуу алмашуу курсунун салмактанып алынган орточо маанисин билдирген жана кароого алынып жаткан өлкөнүн бааларынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү бааларга карата өзгөрүү тенденциясын эске албаган алмашуу курсу **номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат (НЭАК-NEER nominal effective exchange rate).

Номиналдуу эффективдүү алмашууу курсу конкреттүү өлкөдөгү алмашуу курсу анын соода боюнча өнөктөш өлкөнүн курсуна салыштырмалуу базалык мезгилге карата канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок, номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун өзгөрүүсү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн же кандайдыр бир мезгил аралыгында ошол өлкөдө өндүрүлгөн жана экспорттук потенциалга ээ болгон товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү канчалык деңгээлде өзгөрүүгө дуушар болгондугун көрсөтпөйт. Кандайдыр бир мезгил ичинде конкреттүү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоо үчүн реалдуу эффективдүү алмашуу курсу эсептелинет (РЕАК-REER real effective exchange rate).

Соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын салыштырмалуу өзгөрүүсүнө дал келүүчү өлчөмгө карата корректировкаланган номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу **реалдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу өлкөлөрдүн валюталарынын салмактанып алынган реалдуу алмашуу курсунун анын алдыңкы соода өнөктөштөрүнүн валюталарына карата катышын эсептөөдөн улам аныкталат. Мисалы, эгерде, конкреттүү өлкөнүн валютасынын курсу коңшу өлкөнүн валютасына карата инфляциянын жогорку деңгээлде болуусунан улам жогорулап жана бир эле учурда башка өнөктөш өлкөлөрдүн валюталарына карата инфляциянын деңгээлинин басаңдоосуна жараша төмөндөсө, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу ошол өзгөрүүлөрдүн орточо өлчөмү катары улуттук валютанын курсун билдирет.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөөнүн кеңири колдонулган формуласы болуп, белгилүү бир мезгил аралыгындагы тиешелүү эки тараптуу алмашуу курсунун базалык мезгилдегиге карата өзгөрүүлөрүнүн салмактанып алынган орточо өлчөмүн чыгарып салуу формуласы саналат.

Эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөө үчүн өлкөлөрдүн каралып жаткан өлкөнүн тышкы соодасындагы салыштырмалуу салмагы аныкталат. Мына ошол салмактар конкреттүү өлкө үчүн бул же тигил валютанын салыштырмалуу маанилүүлүгүн чагылдырат. Эффективдүү алмашуу курсу эки тараптуу сооданын үлүшүн салмак катары пайдалануу менен эсептелинип чыгат (ошондой эле, экспорт менен импорттун үлүшүн же алардын суммардык орточо көрсөткүчүн пайдаланууга болот). Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептеп чыгарууда экспорт менен импорттун орточо көрсөткүчү пайдаланылат. Салмакты эсептөө формуласы төмөнкүдөй жүзөгө ашырылат:

$$W_i = \frac{M_i + X_i}{\sum_{i=1}^{n} X_i + \sum_{i=1}^{n} M_i} \qquad (1)$$

мында,

$W_i$ - өлкөнүн жалпы тышкы товар жүгүртүүсүндөгү і өлкөсүнүн салмагы, $\sum_{i=1}^{n} W_i = 1$.

$M_i$ - і өлкөсүнөн Кыргыз Республикасына импорт,
$X_i$ - і өлкөсүнө Кыргыз Республикасынан экспорт,

$\sum_{i=1}^{n} X_i$ - соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөргө Кыргыз Республикасынын экспортунун жалпы көлөмү,

$\sum_{i=1}^{n} M_i$ - соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына импорттун жалпы көлөмү.

$n$ - кароого тандалып алынган өлкөлөрдүн саны.

Соода боюнча өнөктөш катары Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын жалпы көлөмүндө эң чом салыштырмалуу салмакты ээлешкен өлкөлөр каралууда, аларды тандап алуу тышкы соода жүгүртүүнүн 90 пайызын камтууга тийиш. Тандоодон булар менен соода салыштырмалуу артыкчылык принциби боюнча эмес жүзөгө ашырылып жаткан импорттук жана экспорттук товарлар алынып салынат (аларга алтын, жаратылыш газы, электроэнергия, товардык гранттар, б.а. мамлекет мында товарларды келишимдин негизинде катталган баа боюнча сатат). Өлкөлөрдүн куржунун Улуттук банк ар бир беш жылда карайт.

2005-жылы индекстерди эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл кабыл алынган. Улуттук банк базалык мезгил аралыгын ар бир беш жылда өзгөртүп турат.

Номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индекси төмөнкүчө эсептелинет (мисалга, АКШ доллары үчүн).

$$NBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \qquad (2)$$

мында, $ER_{US_t}$ – сомдун t мезгил аралыгындагы (1 сом үчүн АКШ долларынын бирдиги) номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси. t эсептешүү мезгил аралыгындагы сомдун алмашуу курсунун орточо мааниси t мезгил аралыгындагы бардык календардык күндөрдүн ичинде аракеттенүүчү сомдун номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси катары аныкталат.

$ER_{US_0}$ - 0 базалык мезгил ичиндеги номиналдуу алмашуу курсунун тиешелүү орточо геометриялык мааниси.

Реалдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индексин эсептөө формуласы төмөнкүчө (мисалы, АКШ доллары үчүн):

$$RBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \times \left( \frac{CPI_{KYR_t}}{CPI_{US_t}} \right) \qquad (3)$$

мында, $ER_{US_t}$ – сомдун t мезгил аралыгындагы номиналдуу алмашуу курсунун (1 сом үчүн АКШ доллары бирдигинде) орточо геометриялык мааниси.

$ER_{US_0}$ - 0 базалык мезгил ичиндеги номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси.

$CPI_{KYR_t}$ , $CPI_{US_t}$ - t мезгил аралыгынын 0 базалык мезгилине карата катышы учурундагы тиешелүүлүгүнө жараша Кыргыз Республикасында жана АКШда баалардын индексинин өзгөрүүсү.

Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу – бул, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн каралып жаткан куржунуна кирүүчү номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индекстеринин орточо салмактанып алынган геометриялык мааниси. t мезгил аралыгы ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$NEER_t = \left(NBER_{1_t}\right)^{W_{1_t}} \times \left(NBER_{2_t}\right)^{W_{2_t}} 3 \left(NBER_{n_t}\right)^{W_{n_t}} \qquad (4)$$

мында, $NBER_{i_t}$ - t мезгилинде i өлкөсүнүн (2) формуласында эсептелинген номиналдуу эки тараптуу индекси.

$W_{i_t}$ - тиешелүү салмак.

Өлкөлөрдүн каралып жаткан куржунуна камтылган негизги өнөктөш өлкөлөрдүн эки тараптуу реалдуу алмашуу курсунун индексинин орточо салмактанып алынган геометриялык мааниси сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси болуп саналат. t мезгил ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$REER_t = \left(RBER_{1_t}\right)^{W_{1_t}} \times \left(RBER_{2_t}\right)^{W_{2_t}} \, 3 \, \left(RBER_{n_t}\right)^{W_{n_t}} \qquad (5)$$

мында, $RBER_{i_t}$ - t мезгил аралыгындагы i өлкөсүнүн (3) формула боюнча эсептелинген реалдуу эки тараптуу индекси.

$W_{i_t}$ - өлкөнүн (1) формула боюнча эсептелинген тиешелүү салмагы.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун динамикасы үч фактордон көзкаранды. Номиналдуу алмашуу курсу биринчи фактор болуп саналат. Сомду башка валюталарга карата бекемдөө (наркын төмөндөтүү) номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин жогорулоосуна (төмөндөөсүнө) алып келет. Экинчи фактор - кароого алынып жаткан өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баанын деңгээлинин өзгөрүүсү. Кыргыз Республикасындагы баанын өсүш арымынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын өсүш арымдарына салыштырмалуу артып туруусу, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун жогорулоосуна, же тескерисинче болушуна алып келет. Баанын индекси реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөөдө гана кондонулат. Үчүнчү таасир берүүчү фактор болуп, Кыргыз Республикасынын тышкы товар жүгүртүүсүнүн көлөмүндөгү соодалык негизги өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырмалуу салмактары саналат. Кыргызстандын тышкы товар жүгүртүүсүндө өлкөлөрдүн үлүшү канчалык көп болсо, сомдун алмашуу курсунун ошол өлкөнүн валютасына карата жана ошол өлкөдөгү баанын өзгөрүүсү сомдун эффективдүү алмашуу курсунун индексине ошончолук таасир бере алат.

Ошентип, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөөсү, эрежеге ылайык, ушул өлкөлөрдүн рынокторундагы жергиликтүү товарлардын баа жагынан атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулай тургандыгы жана тескерисинче болушу мүмкүндүгү жөнүндө айгинелеп турат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун кыргыз товарларынын баа жагынан атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө таасири IV.1-таблицада жалпыланган.

$$\varepsilon = \frac{E \times P}{P^*} \qquad (6)$$

мында, $\varepsilon$ - сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсу

E - сомдун номиналдуу алмашуу курсу (1 сом үчүн четөлкө валютасынын бирдиги)

P - Кыргызстандагы баанын деңгээли

$P^*$ - чет өлкөдөгү баанын деңгээли

**IV.1-таблица. РЭАКтын аракеттенүүсү боюнча негизги тыянактар**

| *Көрсөткүч* | *Көрсөткүч-түн өзгөрүүсү* | *РЕАКтын аракетте-нүүсү* | *Кыргызстандын товарларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүүсү* | *Эскертүү (бардык бирдей башка шарттарда)* |
|---|---|---|---|---|
| **E,** алмашуу курсу | ↑ номиналдуу чыңдалуу | ↑ реалдуу чыңдалуу | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |
| **E,** алмашуу курсу | ↓ номиналдуу нарксыздануу | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| **P**, Кыргыз Республикасындагы баалардын деңгээли (сом түрүндө туюндурулган) | ↑ | ↑ реалдуу чыңдалуу | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |
| **P**, Кыргыз Республикасындагы баалардын деңгээли (сом түрүндө туюндурулган) | ↓ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| $\mathbf{P}^*$, чет өлкөлөрдөгү баалардын деңгээли (өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↑ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| $\mathbf{P}^*$, чет өлкөлөрдөгү баалардын деңгээли (өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↓ | ↑ реалдуу чыңдалуу | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |

# V тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 1997-жылдын февраль айында коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы (ТБЭС) колдонууга киргизилген[1]. 2004-жылы Улуттук банк тарабынан «Төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы боюнча нускоого» өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген[2]. Бул система, төлөм теңдеминин банк тутуму аркылуу жүргүзүлүүчү операцияларын чагылдыруу үчүн кызмат кылат жана тышкы экономикалык операциялардын кеңири жана өз убагындагы статистикасын алууну камсыз кылат. Система өзүнө коммерциялык банктардын алар тарабынан жүзөгө ашырылуучу чет өлкө банктарындагы корреспонденттик эсептеринде, чет өлкө банктарынын кыргыз банктарындагы эсептериндеги накталай чет өлкө валютасы менен операцияларды жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валютадагы операцияларын камтыйт. Кыргызстанда ТБЭСтин айырмалануучу өзгөчөлүгү болуп, коммерциялык банкттардын чет өлкөлүк өнөктөштөр менен корреспонденттик эсептер аркылуу жүзөгө ашырылган эл аралык операциялары толук камтылгандыгы саналат, бул андан төмөн болгон учурда операциялар эске алынбаган, минималдуу баштапкы (пороговой) сумманын жоктугунан улам шартталган. Алынган маалымат маанилүү булак болуп саналат жана төлөм теңдемин түзүү жана Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясын аныктоо үчүн пайдаланылат. Отчеттук маалыматтар төлөм теңдеминин стандарттык компоненттеринин негизинде аныкталган операциялардын тизмесине ылайык классификацияланат жана чагылдырылат. Системанын натыйжалуу иштөөсүн Улуттук банк тарабынан иштелип чыккан “Операциялар боюнча эсепке алуунун автоматташтырылган системасы” программалык камсыздоосу камсыз кылат. Ал коммерциялык банктарда колдонулат жана автоматтык түрдө жыйынтыкталган отчеттук маалыматтарды текшерүүгө жана ката кетирилген жазууларды аныктоого мүмкүндүк берет.

Коммерциялык банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берилүүчү ар айлык отчеттор электрондук жана кагаз жүзүндө, отчеттук айдан кийинки айдын 15не чейин берилет. Отчеттогу ар бир эсеп боюнча маалыматтар бир мезгилдин башталышына жана акырына карата эсептеги калдыктардын суммасын көрсөтүү менен башталат жана аяктайт, демек, ал жерде эсептердеги каражаттардын отчеттук мезгил ичиндеги жылышы катталат. Отчеттук мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо эсептин мүнөзүнө жараша көрсөтүлөт: ностро-эсептери жана накталай чет өлкө валютасы үчүн бир мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо кредит боюнча, ал эми лоро-эсептери жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валюта түрүндөгү эсептери үчүн тескерисинче, дебет боюнча көрсөтүлөт. Бардык отчеттор иштелип чыккандан кийин маалыматтардын жалпы базасына топтоштурулат да, төлөм теңдеминин стандарттык компоненттери боюнча классификацияланат, андан соң маалыматтар тандалып алынат жана алардын айрымдары Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминде чагылдырылат.

Ушул система боюнча коммерциялык банктар толтурушкан электрондук формадагы ар бир операция банк-корреспондент, операциялардын валютасы, операциялардын датасы, операциялардын түрү, банктын кардарлары болгон өнөктөш өлкөлөр (контрагенттер), экономиканын белгилүү бир секторуна таандык экендиги, анын эсеби боюнча операциялар жүргүзүлгөн кардар өлкө боюнча классификацияланат. Операциялардын түрү, өлкөнүн аталышы, валютанын аталышы жана экономика сектору коддорго салынган формада көрсөтүлөт. ПБ-1 формасы боюнча отчеттун электрондук формасы 14-тилкеде берилген жана түшүндүрмөсү төмөндө келтирилген.

[1] Intenational Translation Reporting System (ITRS)

[2] Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 25-ноябрындагы N30/5 токтому, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2004-жылдын 22-декабрындагы 149-04 номеринде катталган.

| Тилке номери | Тилкенин аталышы | Тилкенин мазмуну |
|---|---|---|
| 1 | Өнөктөштүн аталышы | Бул жерде чет өлкөдөгү банк-корреспонденттин аталышы көрсөтүлөт. Накталай валюта менен операцияларды эсепке алууда бул тилкеде: «накталай чет өлкө валютасы» деп көрсөтүү зарыл. Кыргыз Республикасындагы резидент эместердин операцияларын эсепке алууда «резидент эмес кардарлардын эсептери» көрсөтүлөт. |
| 2 | Өнөктөш жайгашкан өлкөнүн коду | Бул жерде банк-корреспондент жайгашкан өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Мында, Улуттук Статистика комитетинин өлкөлөрдүн кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. Накталай чет өлкө валюталары менен болгон операцияларды же болбосо, Кыргыз Республикасында резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы операцияларын эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын кодун көрсөтүү зарыл. |
| 3 | Эсеп | Бул жерде анын классификациясына ылайык эсептин коду көрсөтүлөт («1-ностро», «2-лоро», «3-накталай чет өлкө валютасы», «4-резидент эмес кардарлардын эсептери»). |
| 4 | Валютанын аталышы | Бул жерде операция жүргүзүлүп жаткан валютанын коду көрсөтүлөт. Ошону менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2000-жылдын 5-июлундагы N26/9 токтому менен бекитилген ЭК валюталардын эл аралык классификаторунда (ИСО 4217003-97) келтирилген валюталардын тамга түрүндөгү коддору колдонулат. |
| 5 | Операция өткөрүлгөн күн | Бул жерде банктын бухгалтердик отчеттуулугунда операциянын чагылдырылган күнү көрсөтүлөт. |
| 6 | Операциянын коду | Бул жерде тиркемеде келтирилген операциялардын коддорунун тизмесине ылайык, операциянын коду көрсөтүлөт. |
| 7 | Төлөөчү өлкө-алуучунун коду | Накталай эмес операцияларды эсепке алууда: чыгыш төлөмдөр боюнча бенефициар (алуучу) өлкөнүн коду, ал эми кириш төлөмдөр боюнча – жөнөтүүчү өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Аналогиялык түрдө, накталай чет өлкө валюталары менен жүргүзүлгөн операциялар эске алынат. Мисалы, ар кыл системалар (Western Union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) боюнча акча которуу үчүн накталай акча салууда алуучу өлкөнүн коду, ал эми ар кыл системалар (Western Union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) боюнча накталай акча алууда – жөнөтүүчү өлкөнүн коду. Улуттук статистика комитетинин өлкөлөр кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 8 | Сектордун коду | Бул жерде анын эсеби боюнча банкта операция ишке ашырыла турган, Кыргыз Республикасындагы банктын кардары тиешелүү болгон, экономиканын секторунун коду көрсөтүлөт. Мында, Төлөм тeңдеми боюнча колдонмого ылайык иштелип чыккан классификатордо көрсөтүлгөн экономиканын секторлорунун коддору колдонулат. |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | Кардар өлкөнүн коду | Бул жерде анын эсеби боюнча банкта операция ишке ашырыла турган, резиденти Кыргыз Республикасындагы банктын кардары болуп эсептелген өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Мында Улуттук Статистика комитетинин өлкөлөр кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 10<br>11 | Кредит<br>Дебет | Эсептердеги каражаттардын жылышы кредиттин жана дебет саптарында чагылдырылат. Маалыматтарды төмөнкү мүнөздө чагылдыруу зарыл: ностро-эсептери жана накталай чет өлкө валютасы менен жүргүзүлгөн опрециялар үчүн – каражаттардын келип түшүүсү – кредит боюнча, дебет боюнча – лоро-эсептери жана кардар-резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы эсептери боюнча операциялар үчүн, аларды эсептен алып салуу, тескерисинче: кредит боюнча – эсептен алып салуу, дебет боюнча – каражаттардын эсепке келип түшүүсү. Сумма номиналда үтүрдөн кийин эки белги менен валюталардын бирдигинде көрсөтүлөт. |
| 12 | Сумма сом менен | Бул жерде банктын бухгалтердик отчеттуулугунда операцияларды чагылдыруу күнүндөгү абал боюнча Улуттук банктын курсу боюнча сомго эквиваленттүү сумма көрсөтүлөт. |
| 13 | АКШ долларындагы сумма | Бул жерде банктын бухгалтердик отчеттуулугунда операцияларды чагылдыруу күнүндөгү абал боюнча Улуттук банктын курсу боюнча АКШ долларына эквиваленттүү сумма көрсөтүлөт. Сумма үтүрдөн кийин, эки белги менен көрсөтүлөт. |
| 14 | Операция | Бул жерде ар бир акча каражатынын которулушун багыттоо жөнүндө толук маалымат көрсөтүлөт. Бул тилкедеги маалымат тиркемеде келтирилген төлөм теңдеминин стандарттык классификациясы боюнча операциялардын аталыштарын кайталабастан, конкреттүү операциялардын мазмунун чагылдырууга тийиш. Бул операциялардын кодировкасынын тууралыгына контролдукту ишке ашыруу үчүн зарыл. Ошентип, «финансылык кызмат көрсөтүүлөр», «башка иштиктүү кызмат көрсөтүүлөр», «товардын экспорту» ж.б. түшүндүрмөлөр отчеттуулуктун толуктугуна коюлган талаптарды канааттандырбайт. Мисалы, товарды берүү үчүн акы төлөө эсебине акча каражаттарын которууда кайсы товар үчүн акы төлөө жүргүзүлүп жатканын көрсөтүү зарыл. |

ПБ-1 формасы боюнча отчетко кошумча, отчеттук айдын башындагы жана акырындагы каражаттардын калдыктары боюнча маалымат жазуу түрүндө берилет. Бул маалыматтар ПБ-1 отчетунун электрондук формасында чагылдырылган, ал мезгил аралыгынын башына жана акырына карата каражаттардын калдыктары боюнча маалыматтарга дал келүүгө тийиш. Кошумча отчеттуулук төмөнкү формалар боюнча берилет:

– ПБ-1К формасы боюнча – чет өлкө банктарынын корреспонденттик эсептериндеги жана кыргыз банктарындагы чет өлкө банктарынын эсептериндеги каражаттардын калдыктары боюнча маалымат;
– ПБ-1Н формасы боюнча – накталай чет өлкө валютасындагы каражаттардын калдыктары боюнча маалымат;
– ПБ-1СИ формасы боюнча – кардар – резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы эсептериндеги каражаттардын калдыктары боюнча маалымат.

# VI тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерин эсептөөнүн ыкмасы

Тышкы карыз (EDT) - резидент эместердин алдында чет өлкө валютасы, товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөөгө тийиштүү болгон карыздык милдеттенмелеринин жыйындысы.

*Алынган каражаттар (DISB)* - кредитордун отчеттук мезгил ичиндеги кредиттик гарантиясынын көлөмүнөн суммаларды пайдалануу.

*Амортизацияланган төлөмдөр (AMT)* - отчеттук мезгил ичинде карыздардын негизги суммасын төлөө эсебине товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөмдөрдү кошо алуу менен чет өлкө валютасындагы төлөмдөр.

*Пайыздык төлөмдөр (INT)* - отчеттук мезгил ичинде товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөмдөрдү кошо алуу менен чет өлкө валютасындагы пайыздар боюнча төлөмдөрдүн иш жүзүндөгү суммасы.

*Тышкы карызды тейлөө (TDS)* - карызгерлер зарыл түрдө жүргүзүүчү амортизациялык жана пайыздык төлөмдөр.

*Алып салуу (WRTOFF)* - төлөнбөгөн карыздарды нөлгө чыгаруу.

Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызы мамлекеттик тышкы карыздын, жеке тышкы карыздын жана ЭВФтин кредити боюнча карыздардын жыйындысы катары аныкталат.

$$EDT = EDT_G + EDT_P \qquad (1)$$

мында, $EDT_G$ - *Мамлекеттик тышкы карыз* - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы карыздык милдеттенмеси, ЭВФтин алдындагы карыз, плюс аларды төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Бул Кыргыз Республиксынын Финансы министрлигинин маалыматынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ички булактарынын негизинде эсептелинет.

$EDT_P$ - *Жеке тышкы карыз* – аны төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланбаган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Кредиттик каражаттарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиялоосуз тарткан менчик ишканалардын маалыматтарынын негизинде эсептелинет.

Тышкы карыздын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата төмөндөгү формула боюнча аныкталат:

$$EDT_t = EDT_{(t-1)} + DISB_t - AMT_t - WRTOFF_t \qquad (2)$$

мында, $EDT_{(t-1)}$ - тышкы карыздын өткөн мезгилдин акырына карата көлөмү;

$DISB_t$ - t отчеттук мезгил ичинде иш жүзүндө алынган каражаттар;

$AMT_t$ - t отчеттук мезгил ичинде иш жүзүндө төлөнгөн амортизациялык төлөмдөр;

$WRTOFF_t$ - t отчеттук мезгил ичинде эсептен чыгарылган негизги суммалар .

Тышкы карыз боюнча маалыматтар өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн пайдаланылат.

$(EDT/GDP)\times 100\%$ - жалпы тышкы карыздын ички дүң продукциясына болгон катышы;

$(EDT/XGS)\times 100\%$ - жалпы тышкы карыздын товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна болгон катышы;

$TDS_{prg} = AMT_{prg} + INT_{prg}$ - жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине график боюнча төлөмдөр;

$TDS_{act} = AMT_{act} + INT_{act}$ - жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине жүргүзүлгөн иш жүзүндөгү төлөмдөр;

$K_{prg} = \frac{TDS_{prg}}{XGS}$ - график боюнча жалпы тышкы карызды тейлөөнүн коэффициенти, XGS-товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту;

$K_{act} = \frac{TDS_{act}}{XGS}$ - тышкы карызды иш жүзүндө тейлөөнүн коэффициенти.

Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн тышкы карыздын айынан тартып жаткан түйшүгүнө жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгүнө баа берүүсүнө мүмкүндүк берет. Карыздын айынан тартып жаткан түйшүгү жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгү өлкөгө валюталык түшүүлөрдүн үлүшү менен жана өндүрүш көлөмүндө өлчөнөт.

# VII тиркеме: Эл аралык инвестициялык позицияларды түзүү ыкмасы

*Эл аралык инвестициялардын теңдеми* статистикалык отчетту чагылдырат жана анда өлкөнүн белгилүү бир датага карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин топтолгон запасы (мисалы, жылдын акырына), ошондой эле финансы операцияларынын натыйжасында келип чыккан алардын өзгөрүүлөрү, нарктык өзгөрүүлөр, кайрадан баалоолор жана башка корректировкалоочу жол-жоболор камтылат.

Эл аралык инвестициялардын теңдеми эки негизги классификациялык топтон: Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринен жана милдеттенмелеринен турат. Ушул топтордун компоненттери төлөм теңдеминин финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат. “Активдер” жана “Милдеттенмелер” бөлүгүндөгү маалыматтар Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (талаптарынын) жана милдеттенмелеринин өлчөмүн, алардын түзүмүн жана изилдөөгө алынып жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрүнүн себептерин мүнөздөйт.

*Өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясы* анын тышкы активдери менен милдеттенмелеринин ортосундагы айырмасын билдирет.

Эл аралык инвестициялык позиция таблица түрүндө, төмөнкүдөй формада берилет:

| Көрсөткүчтөр | Бир мезгилдин башталышына карата калдык | Операциялардын натыйжасында өзгөрүүлөр | Баалардын өзгөрүүсү | Курстардын өзгөрүүсү | Башка өзгөрүүлөр | Бир мезгилдин акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| А | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| A. Активдер | | | | | | |
| B. Милдеттенмелер | | | | | | |
| C. Таза эл аралык инвестициялык позиция | | | | | | |

Таблицалардын саптары боюнча негизги классификациялык топтор көрсөтүлгөн: Кыргыз Республикасынын тышкы активдери жана милдеттенмелери. Ушул топтун компоненттери төлөм теңдеминин финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат.

Активдер тике инвестицияларга, портфелдик инвестицияларга, финансы деривативдерине, башка инвестицияларга жана камдык активдерге бөлүнөт. Мына ушундай эле бөлүү милдеттенмелер үчүн да пайдаланылат (камдык активдерден тышкары).

*Каралып жаткан* таблицанын тилкелери боюнча отчеттук мезгил ичиндеги эл аралык инвестициялардын теңдеминин компоненттеринин өзгөрүүсүнө алып келген факторлор чагылдырылат.

1 жана 6-тилкелерде Кыргыз Республикасынын бир мезгилдин баш жагына жана акырына карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин абалы чагылдырылат.

2-тилкеде эл аралык инвестициялык позициянын финансы компоненттери менен реалдуу операциялардын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр келтирилет.

3 жана 4-тилкелерде баанын деңгээлинин жана валюталык курстардын өзгөрүүсүнүн таасири астында тышкы активдердин жана милдеттенмелердин нарктык баасынын өзгөрүүсү эсепке алынат.

5-тилкеде төмөндөгүлөр менен шартталган жана башка өзгөрүүлөр чагылдырылат:

– классификацияны кайрадан кароо менен (мисалы, портфелдик инвестициядан инвестициялана

турган объектинин капиталындагы инвестордун үлүшүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында тике инвестицияга өтүү);

– кредитор тарабынан карыздарды бир тараптуу жокко чыгаруу;
– жана башка өзгөрүүлөр менен.

Эл аралык инвестициялык позициянын маалыматтары өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн маанилүү, анткени, ал Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (милдеттенмелеринин) өлчөмүн, алардын түзүмүн жана изилденип жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөп берет.

*Өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясы* ошол өлкөнүн дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышынын өнүгүшү абалын жана тенденциясын аныктоо үчүн пайдаланылат.

Таза эл аралык инвестициялык позициянын өлкөнүн ресурстары менен анын башка мамлекеттердин алдындагы карызынын ортосундагы катышты мүнөздөгөн оң же терс белгиси өлкөнүн “таза кредитор” же “таза карызкор” катары статусун чагылдырат, ал эми мунун өзү, мамлекеттин экономикалык саясатын иштеп чыгууда маанилүү ролду ойнойт (экономикалык туруктуулук программасын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, анын каржылоо керектөөсүн аныктоо).

Таза эл аралык инвестициялык позицияны эсептөө маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчкө - улуттук байлыкка баа берүүгө мүмкүндүк берет, ал эми анын өлчөмү өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясынын жана финансылык эмес активдеринин өлчөмүн кошуу жолу менен аныкталат.

# VIII тиркеме: Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрациясын эсептөө ыкмасы

Улуттук банктын ыкмасы боюнча экономиканын ачыктыгы республиканын тышкы товар жүгүртүүсүнүн орточо мaанилүүлүгүнүн ички дүң продукциясына карата катышы катары эсептелинет. Улуттук банк тарабынан колдонулуучу экономиканын ачыктыгын эсептөөнүн формуласы төмөнкүдөй түзүлгөн:

$$Opns = \frac{(Ex + \mathrm{Im})}{GDP}$$

мында, $Ex$ - ФОБ баасы боюнча товарлардын экспорту,

$\mathrm{Im}$ - ФОБ баасы боюнча товарлардын импорту,

GDP - ички дүң продукция

Концентрациялануу коэффициенти өлкөлөр боюнча (продукциялардын түрлөрүнүн) экспорттук-импорттук көлөмдөрдүн алардын чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышынын квадраттык суммасынын квадраттык уңгусу катары эсептелинет. Тышкы сооданын географиялык же товардык концентрациясы төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$K = \frac{\sqrt{\sum_{i=1}^{n} x_i^2}}{X}$$

мында, $K$ - концентрациялануу коэффициенти,

$x_i$ - i товарынын экспортунун (импортунун) же i өлкөгө (өлкөдөн) экспортунун (импортунун) көлөмү,

$X$ - Кыргызстандын экспортунун же импортунун жалпы көлөмү.

Концентрациялануу коэффициентинин көбөйүүсү өлкөлөрдүн санынын (продукциялардын түрлөрүнүн) азаюусун же болбосо жалпы көлөмдө айрым өлкөлөрдүн (продукциялардын түрлөрүнүн) үлүшүнүн көбөйүүсүн билдирет.